## Акын Тургун Жума

*60 жашта*




# БЕЛЕСКЕ ЖЕТКИРГЕН СӨЗ

Ош - 2014

# БЕЛЕСКЕ ЖЕТКИРГЕН СӨЗ

## Адабий-сын макалалар



Ош – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж-45

М-00 Белеске жеткирген сөз. Адабий-сын макалалар.
– Ош, 2014. – 60 б.

ISBN 978-9967-03-945-2

Бул китепке акын, педагог жана жетекчи Тургунбай Жумаевдин көркөм чыгармаларды жаратуудагы аракеттери, педагогикалык жана кесиптик бирлик тармагындагы ишмердүүлүгү жөнүндөгү макалалар топтолду.

Китеп поэзияны сүйүүчүлөргө, педагогикалык тармактын кызматкерлерине жана жалпы эле окурмандарга арналат.

Ж 4702300240-14
ISBN 978-9967-03-945-2

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Жумаев Т. 2014

*Эрназарова А. – кыргыз тил, адабият мугалими, КР билим беруусунун мыктысы.*

## Аруу махабат сырлары катылган арзуу ырлары

Тургунбай агайды Баткен журту жакшы билет. Билгенде да, бул чөлкөмдөгү "Мектеп таануунун билерманы" катары жакшы билишет. Тургунбай Жумаев агай поэзиянын да талапкери. Агайдын ырлары тээ жетимишинчи жылдардан бери эле басма сөзгө жарыяланып келет. Бул ырлар бир-эки ырлар жыйнагын түзүүгө жарап калса да, негедир агай китеп чыгаруудан, өзүн-өзү рекламалоодон окчун жүргөндөй.

Тургунбай агайдын чейрек кылымдан бери жазып келген ырларын окуп олтурсаң, ал ырлардын басымдуу бөлүгү өмүрдүн, тирүүлүктүн, аруу махабаттын музасын черткен ырлар экенин сезип туясың. Ооба , тирүүлүк, өмүр, жашоо, өлүм кандай ак болсо, махабат да ошондой ак экенин аяр баяндаган арзуу ырлары.

Өмүр жөнүндө, өмүрдүн өңүн ачар боңгу жөнүндө нечен залкар таланттар не бир сонун шедеврлерди жазбады дейсиз! Дантенин Беатричеге, Петрарканын Лаурага, Абайдын Тогожанга, Токтогулдун Алымканга арнаган ырлары өмүрдүн, жашоонун, махабаттын арзуу ырлары экенин ким билбейт! А болбосо орто кылымдардагы трубадурлардын куртуаздык лирикаларын эстейличи. Дал ошол канцоналар Батыш Европанын поэзиясында турмуш-жашоонун сулуулугун, сүйүүнүн улуулугун даңазалаган сүйүү лирикасынын берметтери болуп келген.

Махабат – аруу сезим, махабат – албуут сезим. Мына ошол аруулукту баяндап, адамдык тунук сезимди козгоп, не бир жаралуу жерлерине дүрт эттирип жалын чачар махабат лирикасын жазуу үчүн махабат дартына чалдыккан албуут жүрөк менен булактын көзүндөй оргуштаган тубаса талант керек. Адамдагы эң ыйык, эң аялуу, эң асыл сезимди аяр баяндаган арзуу ырлары жөнүндө дараметимдин жетишинче кеп козгоону ылайык таптым.

Тургунбай акындын ырларын окуп олтурсаң, калеми такшалып бүткөн, дасыккан чоң акындын ырларын окуп жаткандай болосуң. Ырларында мазмундуулук, поэтикалык ойдун күчтүү, таасирлүү туюндурулушу кыт куйгандай кылдат уйкаштыктар менен берилген. Четтен эле карап көрөлү.

*"Толоорумда купулуңа толо албай,*
*Конооруңда бутагыма коно албай,*
*Сүйүүнү да кылдык окшойт жүгармак,*
*Сен Ак Мөөрүм, мен Болотуң боло албай."*
*("Жүгармак сүйүү")*

Ал эми "Таңдануу ырында"

*"Көздү кара. Уялыңкы моймолжуйт,*
*Мөлтүрүндөй майда жааган ак жаандын.*
*Желди уялтып, желге аста таранган,*
*Чачты кара жылтырындай калтардын",* - деп, таасын салыштыруу менен аруу касиети жагынан бул ыр атактуу А.С.Пушкиндин А.П.Кернге жазган ырынын деңгээлине эле жете баргандай туюлат мага.

"Сенде бар" деген ырында махабат ыйык сезим, махабат – арзыган адамдан башка адам туя алгыс, арзыган адамдан башка адам сезе алгыс ыйык сыр экенин, ошол аялуу сырды ыйык сактаган "башкаларга ырдала элек ыр" бардыгын, башка адамга билинбеген, бардыгына кол шилтеп кете берүүгө кудурет жетпеген күч бардыгын жумшак лирикалык ыргактар менен айтып берет. Бир үзүндү окуп көрүңүз эле:

*"Сенде бар, сенин тунук көздөрүңдө,*
*Муздун бир сыныгындай күлмүңдөгөн.*
*Бир сыр бар башка адамга угулбаган,*
*Бир муң бар башка адамга билинбеген."*

Ал эми, "Ыйык сырды сактай жүр" деген ырында махабат сыры жан адамга айтылгыс сыр экендигин:

*"Ыйык сырды сактай жүр ыйык бойдон,*
*Керек болсо гөрдөн дагы ыргып туруп,"* - деп күчтүү сезим менен билдирет.

"Кайда кеттиң", "Жүгармак сүйүү" аттуу ырлары элегиялык мүнөздө жазылган. Бирок бул ырлар пессимизмге баткан элегиялар эмес, тескерисинче, ырлардын мазмунунан бактылуу марага жетпей калган махабат арманы сезилсе да, автордун туюмунда чоң мара, чоң жеңиш бар. Ал – лирада

тирүүлүктүн эң кымбат, эң табылгыс энчиси болгон махабаттын жүрөктө түбөлүккө түнөк табышын таасирдүү, көркөм айта билүү кудурети. Кудуреттүү махабат шарапаты даарыганда гана киши тирүүлүктүн соңуркаткан көркү менен тамшандырган мазасын бүткүл жон териси менен сезип, туюп, өзүнүн эң жакшы касиеттерин жалбырттатып, өзүнүн накта адамдык касиетин сыртка чыгара алат турбайбы! Аны акын жогоруда сөз болгон "Сенде бар" деген ырында мындайча баяндайт:

*"Мен дайым ар ыргактан эргүү алып,*
*Ак тилек, арзууга ашык албуут күчмүн.*
*Өзүңдү өзгөчө бир үмүт менен,*
*Өрүктөр сөйкө таккан кезден күттүм."*

Ал эми "Кайда кеттиң" деген элегиясында:

*"Ак маралдай апакай карааныңдан,*
*Кубат алып, күч алып турар элем"*, - деп эскерет.

Акындын мына ушул "Кайда кеттиң" деген ырында:

*"Кайда кеттиң, сени издеп кайда барам,*
*Чолпон элең түнөгүн таштабаган.*
*Эт жүрөктү эзилтип, ачыштырып,*
*Кайда кеттиң, сени издеп кайдан табам?"* – деген жеткире иштелген саптар бар.

Бул ырды окуп отуруп, А.Блоктун "Адамды сүйгөн адамды гана, айтса болот адам деп", - деген саптары аргасыздан эсиңе түшөт. Атаганат, адам баласына бир гана ирет берилүүчү бул өмүрдө бирөөнү арзып сүйүп, аны арзып издеп, аруу махабатты жүрөгүнө тумар кылып такмак тургай, башканы коюп, өзүн жеткилең сүйө албай, өзүнүн кадырына жете албай жүргөн адамдар канча дейсиз!

Махабат сезимин ыйык тутуп, "ак тилек арзууга ашык албуут күч" болуп жашаган адамда андан да албуут күч, андан да албуут сүйүү болушу мүмкүн экендигин дагы бир ырастайт бул саптар. Бул сүйүү, таза сүйүү – канчалык ысык көрүп, ышкы түшкөн жалгыз бирөөгө гана арналган сүйүү эмес, кандайдыр бир андан да зор, андан да алп, бу турмуш – жашоонун өзүнө, жан берип жан жараткан ааламдай жерге, жарык дүйнөгө болгон өлчөмү жок чоң сүйүү экени талашсыз.

Дүйнөлүк поэзиядагы сүйүү лирикасынын бай казынасынан сулуунун, сүйгөн периштенин портретин, өң-келбетин чебер сүрөттөгөн чоң художниктерди - Навойини, Омор Хайямды, Пушкинди, дагы бир топторун жана да өзүбүздүн Барпы акынды жакшы билебиз. Көрсө, бул улуу таланттарга сөз боңгун таап берип, ээликтирген күч улуу махабаттын албуут күчү экен да! Ошол күч сулуунун сулуулугуна тан берер касиетке ээ экен да! Акындын "Тандануу ырындагы" сулуунун портрети да ошол шедеврлердин боңгундай боңктор менен тартылганын караңыз:

*"Тулку бойчу – эркин өскөн эликтей!*
*Кашты кара кетигиндей таңкы айдын!*
*Берип салган бир өзүңө чырайды,*
*Жаратканга мен таң калдым, таң калдым."*

Көрүңүзчү, автор сулуунун ажарына нур берип, портретин айнытпай тарткан. Эмне деген гана салыштыруулар! Мындай салыштыруулар, көркөм ыраңдар автордун ырларында көп. Поэтикалык ойду көркем ыкма менен чебердеп бере алган мындай ырларын четинен таап окуса болот. Алсак, "Ырдап жүрөм" деген ырында:

*"Али эсимде: көк шибер белесинде өмүрдүн,*
*Күттүрбөстөн–нетпестен, бактым, сага туш келдим.*
*Кыян-жаян жүргөнсүп, бүлүк салып сезимге,*
*Чачыратып ойлорду, келгенде да бир келдиң."*

Он төрт муундан турган, мындай ырлар кыргыздын жаш поэзиясында аз кезигет.

Ырларынын түзүлүшү жөнүндө учкай сөз кылсак, биз жогоруда сөз кылган ошол эле "Ырдап жүрөм" деген ырында:

*"Эми минтип өзүң жок, муздап жүрөм, периштем,*
*Акылдашаар жан таппай, сыздап жүрөм, периштем.*
*Адебиңди адеми, келбетиңди ай тунук,*
*Эстен тана эскерип, ырдап жүрөм, периштем"*, - деген сыяктуу сыңар уйкашы бар строфалар, аллитерациядан түзүлүп, узатасынан үндөшкөн ички ыргактар жана поэтикалык кайталоолор ырга өзүнчө эле бир музыкалык жан киргизип турганын баамдайбыз.

Газета беттерине жарыяланган "Жолугууну самаймын", "Отуз күн өтпөгөндөй", "Көкүрөктөгү дарт", "Жүрөктөгү ыр"

деген жана бир топ ырлары да мына ушундай деңгэлде сөз кылууга татыктуу табылгалар. Алар тууралуу дагы сөз болгусу бардыр.

Жыйынтыктап айтканда, Тургунбай агайдын поэтикалык лабораториясынан магмадай агылып, оргуп чыга баштаган талантынан дагы көп поэтикалык көркөм туундуларды үмүт кылабыз.

Акындын арзуу ырларында өпкө-жүрөгүн каккан сүйүү ырларын, айрыкча, жаштардын махабат сезимин тайкы таанып-билүүсүн, одоно сезүүсүн ойрон кылар, андан башка да, мааниси да пас ырларды кубалап чыгар тарбиялык күч, кубат жатат. Биз мына ушундай ырларды Тургунбай агайдан гана эмес, өрүкзарлуу аймактын башка поэзия талапкерлеринен да күтөбүз.

*"Кызыл туу" гезитинин 2001-жылдын 17-июлдагы №26-санынан алынды.*

*Аскар Ражабали –*
*жазуучу, журналист.*

## Тургунбайдын махабаты

Муза жана акын. Муза акындын досу. Музасыз акын акын эмес. Ичинен өрттөнбөсө, ичинен туйлабай, ичинен сары санаага бата албай, ыр жазуу мүмкүн эмес. Бирок ал муза эмес. Муза бул – сагыныч, жалыныч, күйүт менен сүйүнүч. Сүйүү эпкининен жаралган муза саптары өткөн XX кылымдын алтымышынчы-сексенинчи жылдарындагы кыргыз поэзиясын тереңдетип, бийиктеткен. Жаштардын кол китебине айланган Омордун "Сен жөнүндө поэмасы", Турардын махабат лирикалары, Сүйүнбайдын "Ак мөөрү", Жолондун, Курбаналы Сабыровдун сүйүү ырлары, Эгемберди Эрматовдун сүйүү ышкылык саптары ышкы музасы эле. Ошол кездеги жаштардын суусунун кандырган андай ырлар акыркы он жылдыкта аз жазылып, көксөөбүз канбай келбедиби.

Ушу тапта жергиликтүү акын Тургунбай Жумаевдин "Кумар көз" аттуу жалаң сүйүү ышкысынан турган татына китепчеси жарык көрүп калбаспы.

Деги эле ата мүнөзүн перзенти жазбай тарткандай, ар бир акындын ырлары да өз мүнөзүнө окшош болот экен. Тургунбай задинен токтоо мүнөз, коомат күтпөй жупуну жүргөн, акыл-парасаттуу жигит. Чоң кишини кичинертип койгондой, алдаң-гулдаң да эмес. Окшобой калсын, ырлары да кудум өзүндөй токтоо, жай,бирок терең, ары ой бар.

*Китепчени адеп ачканыңда эле:*
*"Күлкүбүзгө күлкүбүз окшошпосо,*
*А сүйүүбүз алоолоп от болбосо.*
*Бул жашообуз каяктан жашоо болсун,*
*Эки жүрөк бири-бирин жоктошпосо,"* – деп, ээлик-пей-жээликпей сүйүү музасынын кумардуу эшигин окурманга секин ачат. Андан ары окурманды ышкылык дүйнөсүнө шашпай жетелейт:

*"Суу түбүндө таш болуп жылтылдайсың,*
*Пиялада чай болуп кылкылдайсың.*

*Кызыктырып назыңа жан дүйнөмдү,*
*Оттой тартып өзүңө кырсылдайсың".*

Бул ыр саптарындагы "жылтылдайсың", "кылтылдайсың", "кырсылдайсың" деген сөздөр бир караганда оңой уйкаштыкты кууганда туюлат. Тереңирээк үңүлсөң ар бир сөз жароокер кыздын кылык-жоругун, назданганын элестетип, ыр саптарына ички кыймыл менен кошо жан киргизип турат.

Тургунбай калп эле урунуп-берине бербей, ар бир сөзүнө сезим ой ката билет. Сезимтал окурман аны аңдап рахат алат.

*"Сен бар үчүн кыялдарым, тазарып,*
*Бир сени деп бүт жан дүйнөм мүшкүлдө.*
*Сен бар үчүн улам артып кызыгы,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул* - дүйнө" деген саптары окурмандын жүрөгүн болк эттирет. Салттуу Чыгыш поэзиясынын жыты келет. Апыртыптыр дебеңиз, окурман. Тургунбай ушул ыр саптары менен махабатты Хафизчесинен бийиктикте ырдай алган. "Сага Самаркандды алмаштырбас элем," - деп Хафиз ырдаган болсо, Тургунбай:

*"Сен бар үчүн улам артып кызыгы,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө!"* – деп ошого тете ырдаптыр. Антпесе, бүгүн "күйдүм", "өлдүм", жана "унуттуң", "куруттуң" деген сөздөргө толгон ыр болмуштар кагаз бетин бербейт.

Азиз окурман! Мен да, Сиз да зерикпей Тургунбайдын "Таңдануу ырын" бирге окуйлучу:

*"Көздү кара! Уялыңкы моймолжуйт,*
*Мөлтүрүндөй майда жааган ак жаандын.*
*Желди уялтып, желге аста таранган,*
*Чачты кара жылтырындай калтардын.*

*Эриндериң араң күүлүп ирмелген*
*Аппак жүзүң кудум өзү ак таңдын,-*
*Берип салган бир өзүңө чеберден,*
*Жаратканга мен таң калдым, таң калдым.*

*Тулку боюң – эркин өскөн эликтей!*
*Кашты кара кетигиндей таңкы Айдын!*
*Аппак, кызгылт, пушту жана кырмызы*
*Көйнөктөрдүн куп келгенин айтпагын.*


*Бул да азсынып назик ырды наз үндү,*
*Берип салган бир өзүңө аянбай.*
*Жаратканга мен таң калдым, таң калдым,*
*Бул дүйнөдө барбы дагы арманың?!"*

Аталарыбыз айтмакчы "жүгармак жанды" ырдаса ушунчалык ырдаар да миң күчтүү акының деле?! Тургунбайдын ырлары биринен сала бири ушинтип тереңдеп кете берет. Жаныңа жай бербей тыбырчылатып отуруп махабат ырларынын аягында минтиптир:

*"Тан берип жүр, мен тан берип келемин,*
*Экөөбүздү табыштырган тагдырга!"*

Демек, Тургунбайдын махабат музасы али улана берет, азиз окурман. Күтө туралык.

*"Баткен таңы" гезитинин 2002-жылдын*
*18-майындагы №17 санынан алынды.*



*Абдинаби Даабеков – КРнын билим берүүсүнүн мыктысы, журналист, жазуучу.*

## Ырдалып бүтпөйт махабат

Ырас, Тургунбай Жума ыр айылына бала кезден эле келген, окуучулук күндөрдө, агыл-төгүл студенттик күндөрдө, турмуштун буркан-шаркан шарында, мугалимчиликтин түйшүктүү түндөрүндө бардык кыйынчылыктарды жүрөгүнөн түнөк алган поэзия менен жеңип отурган тариздeнет. "Кумар көздү" барактап отуруп буга ынандым, бирок ыр ышкыбозунун ырларына пикир айтууга шашылбадык.

Кийинки учурда Баткен акындары Жусуп Айдартеги, Турдалы Иматов, Даабек Турдуев, Мисилим Рыскулова, Урпия Жусупова, Абдубаит Абдувалиев тырмак алды китептерин жарыялашып, ийгилик башатына келишти өңдөнөт. Аталган авторлордун ыр жыйнактарын көздөн өткөрүп отуруп, бир чети ыраазы боло түшөсүң "Кайриет, биздин акындардын китепчеси да жарык көрдү,"-деп. Бүгүнкү күндүн поэзиясы Жолондукундай оттуу, Рамистикиндей оолукма, Шайлообектикиндей сынчыл, Кожогелдинин бай палистрасындай көп жактуу болушу шарт го.

Орус акындарынын үлбүрөгөн, араң жан ырларын окуган А.П.Чехов "Мен буларды (авторлорду) оорукчан немелер го деп ойлогом, көрсө, куландан соо немелер тура,"- дептир. Бул сөз бүгүнкү Баткен акындарынын жадында болуш керек. "Кумар көз" канчалык деңгээлде ошол ишеничти актайт? Китепчеде: "Кумар толо жоодурап көзүң турса", "Эстетип кумар көз өзүңдү" деген саптар арбын кездешет да, андан ары суйкайган, адамгерчиликтүү, наздана муңайым жылмайган асылзаада кыздын көркөм образын ачып берүүгө далалат башталат. Буга акындын "Сен бар үчүн" деген ыры далил:

*Сен бар үчүн кыялдарым тазарып,*
*Бир сени деп бүт жан дүйнөм мушкүлдө.*
*Сен бар үчүн улам артып кызыгы,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө.*

Демек, ошол селки бар үчүн акындын жан дүйнөсү, журт мекендеген жер шаары алааматтан алыс турат деген лейтмотив айтылат. Бул да болсо Леонардо да Винчинин “Дүйнөнү сулуулук гана сактап турат,” - деген оюн эске салат. Ырасында, аял – эне, аял –үй куту, аял – мээр очогу , аял – түгөнбөгөн ыр предмети болуп келатпайбы кадим замандан бери? Автордун китепчеси ушул жашоонун түркүгү болгон аял затына арналган арзуу тилектерге, таңданууларга, тан берүүлөргө, өкүнүч-өктөгө, бир өмүр ырдай берчү улуу махабат ырларына толтура. Китепче “Сен бар үчүн жан дүнүйөм мүшкүлдө”, “Жүрөктөгү ыр болсун түгөнбөгөн”, “Мен өзүңдү ырдай берем баары бир”, “Токто мезгил, жалын чачып алайын” деген 4 бөлүмдөн туруп, алгачкы үч бөлүмдө жалаң көкүрөк күсөөсү менен жазылган арзуу ырлары топтоштурулган. Китепчени барактап отуруп, жанагы көпчүлүк окурмандарга айтарым бул: махабат ырлары түбөлүктүү тема, аны далай акын ырдап келди, ырдап жатышат, жүрөк кагып, адам катары жашаган инсан барында бул тема жаңы стиль, жаңы рифма, жаңы эстетикалык табит менен ырдала берет. Мына, тарыхка кайрылып көрөлүчү, өмүр бою бир гана теманын, махабат темасынын үстүндө ар кыл доордо ар кыл акын ырдап өттү. Алар: Сафо, Анакреон, Хафез, Омар, Шота, Петрарка, Фет, Гейне, Пушкин, Байрон, Данте, Гамзатов, Абай, Барпы, Алыкул ж.б. Аталган акындардын бул теманы ачып берүүсү, чечмелөөсү ар башкача.

Эми Тургунбай Жума деле өз доорунда, өрүкзарлуу Мекенинде өз жүрөк күүсү, өз дарамети менен махабатты ырдады. Анын ырлары кандайдыр ички назик элегия менен ырдалып жүрүп олтурат, улам бир ырдан экинчи ырга өткөн сайын ал жаңы обонго көтөрүлгөн сыяктуу, жаңыча ой айтуу, экинчи кайталабаган ыр саптарын таап, өз үнү менен ырдоого аракеттенет.

*Сен суктанган сулуулукка илешип,*
*Көздөрүңө аста жыла калайын.*
*Конуп алып карегиңдин отуна,*
*Бут ааламды өзүң болуп карайын.*

(“Өзүң болуп карайын” 22-бет)

Бул ырга түшүндүрмө берүүнүн кажети жоктур. Көп акын “Жүрөгүңдүн дарбазасын каккыладым” деп жүрсө, Туке көз

карегине кирип кеткиси бар! Чынында минтип сүйүүнүн зардабын тарткан, анын кызылдай азап экенин байкаган адам гана ырга салар, кезегинде бул бактылуу- бактысыз күндөрдү баштаган кечирген А.Жами "Бахарстанды", В.Гете "Фаустту" 70 жаштан ашканда жазып махабат аралына кайрылышкан Абай менен Рудаки деле улгайып баратып, ак баскан сакал, муруттарын махабат ырлары менен боңшкон экен! Тукенин 45тин кырынан ашып барып, "Мен өзүңдү ырдай берем баары бир!" деп көгөрүшү ошол махабат ырларын башкалардан айырмаланган үн, сезимдердин өзүнчө гаммасы, бай боңктор менен ырдап бериште турат.

*Арасынан майин жааган ак кардын,*
*Ак пальточон элесиңди көрө албай,*
*Азаптамын, же угарга өзүң жок,*
*Арман күүсүн чертип коюп келем ай.*

("Көкүрөктөгү дарт")

*Дайынсыз мага деле ал күнкү алың,*
*Кайсы жолдо, кандай ойдо, кантип кеттиң?*
*Атадан жалгыз элем, а сен мени*
*Сүйүүдөн дагы жалгыз кылып кеттиң.*

("Жүрөк сырын сезбедиң")

Мындай көңүлдү эзген, аңо сезимиңди ойготуп, боор толготкон саптарды бүгүнкү ар бир эле акын айта албастыр.

Дагы бир айта турган сөз, китептин баш сөзүн жазган жазуучу М.Үсөн белгилегендей, автор махабат ырчысы, анын Баткен өрүгүндөй ширин сөздүү, накта "Баткен провинциализми" менен жазылган "Жүгармак сүйүү" деген (51-бет) ыры бар.

*Толоорумда купулуңа толо албай,*
*Конооруңда бутагыма коно албай,*
*Сүйүүнү да кылдык окшойт жүгармак,*
*Сен Ак-Мөөрүм, мен Болотуң боло албай.*

Гүлдөп-гүлдөй албай арманда үзүлгөн гүл элеси берилген сүйүү ыры Баткен окурмандарын эмес, башкаларды да кайдыгер калтырбас.

Ыр куроо жагынан автордун изденүүчүлүк аракетиби, же ой айтуудагы масштабдуулукпу, айтор төрт сап ырларды бара-бара беш саптуу ("Угасыңбы?" "Келбейсиңби?", 14-бет) ырлары, алты саптан куралган ("Ыйлаба", "Кумар толо жоодурап көзүң турса") ырлары да кездешет.

Китепчедеги чоң канаттануу менен белгилей кетчү нерсе – автордун диалектизмдер менен иштөө маданиятынын кыйла өсүп бараткандыгы. Муну менен мен провинциалдык говор менен ыр жазалы деген оюмду таңуулаганым жок, тескерисинче, тилдик корубузду ички резервдер менен байытуу аракети демекчимин.

Айталы, автордун ар бир ырынан мисал келтирсек болор эле, бирок окурман өзү байкап алар, китепчеде автор:

*"Ачып салдым даргөйүмдү сага деп",*
*"Наркыңды, ниймматиңди кантип кыям",*
*"Насибинен неге бизге аз койгон?"*
*"Күзгүдөгү дидарыңа канармын",*
*"Наристедей пакиза гүлүм болчу",*
*"Пайсалга салып, парвана кылба мынчалык"* – деген адабий тил менен диалектизмдердин орошон синтезин берет. Кээде диалектизмдер менен сүйлөп жүрүп эле, поэзияга келгенде кызылдай адабий тилдин үлгүсүндө шилтеп калабыз, кээде диалектизмдердин коштоосунда келген илхамды адабий иштелмеге алып барып (обработка) илхам күүсүн бузуп алып жүрбөйбүзбү? Барпы акынга да учурунда Токтогул ушул диалектилик тилдеги бай палитрасы үчүн тан берген да!

*Кечки күз, айлуу түн, өрүкзар,*
*Сагынтып сени да кыйнайбы?*
*Кайрылып ал күнгө качан бир*
*Мени да келеби аягың?*

*Аруу кыз ырдоодо берилип,*
*"Мен сени сагынгым келет," - деп,*
*Эстетип кумар көз өзүңдү,*
*Күндөрдү кайрылып келбес бир.*

("А мени аягың келеби?" 26-бет)

Ой түшүнүктүү, бирок рифма туура болбой калган, автор бир аз ыйынып ышкынса эле рифмасы да, ритми да окшошо түшмөк.

Автордун сөз менен иштөө аракетин дурус дедик, бирок кээде сөз аркылуу сырткы катмардан эле аттап кетип, ички көркөм образ ачылбай калган учурлар да бар экен.

Ушинтип көлөкөгө тон бычып, сыртынан эле бой-келбетти мактай берүү да бүгүнкү окурманды жоонтпойт. "Кумар көздө" да ушундай ырларга орун берилип калганы өкүнүчтүү!

*Тулку боюң – эркин өспөй эликтей!*
*Кашты кара кетингидей таңкы айдын!*
*Аппак, кызгылт, пушту жана кырмызы*
*Көйнөктөрдүн куп келгенин айтпагын.*
("Таңдануу ыры", 12-бет)

Бир окуганда бардык технологиясы туура иштелген жакшы ыр. Акыр-аягына чейин "незнакомая красавица" даңкталат, он эки мүчөсү бүт эсеп-кысаптан өтөт, бирок пенделик пейил-мүнөзү тууралуу нылым айтпайт. Тукебиз деле ушул жерде сулуунун куурчак келбетине таңыркап отура бербей, бизди да кошо суктантыш үчүн бир сабында бир штрих менен образды шилтеп койсо ашыкча болбос эле да. Мисалы: "Ак нан жаап жаткан аппак тандырга" деген сыяктуу.

"Кумар көздү" барактап чыккан соң, көңүлгө баягы кыштын аязду күнүндөгү жандуу талкуу келет. Жигит кыздардын пикирлери мени да ойлорго жетелеп жүрүп, китепчени эки-үч ирет барактатты. Улуу Гете 70 жашында 16 жашар Херцлибге арзуу ырларын жазыптыр, а сиз "Жалжал көздү" ырдай берчү түрүңүзгө келип турасыз, Туке!

Ылайым ыр түнөк алган жүрөк кагуусунан калбай, өлбөстүктүн, жашоо кумарын берген аруу махабаттын ырлары жашай берсин, аны өзүңүз да каалап турасыз, самап турасыз, көмөкөйүңүздөн ыр үрөнү чууруп турат:

*Мага эргүү берчү жалгыз өзүңсүң,*
*Ырды ыргактан ажыратып болбойт түк.*
*Башка бир жан ырдай элек таризде,*
*Мен өзүңдү ырдайм, ырдайм баары бир.*

*"Кызыл туу" гезитинин 2002-жылдын*
*22-майындагы №17 санынан алынды*

***Зулпукар Балтабаев – КРнын билим беруусүнүн мыктысы, журналист, жазуучу.***

## Досумдун көкүрөктөгү дарты

*“Алыстасың көз күйгүзгөн кызгалдак,*
*Арзып жүрүп акыр бир күн жетемби?...*
*Же болбосо жети күндүк өмүрдөн,*
*Жеңижоктой жаңшап жүрүп өтөмбү?...”*
(“Көкүрөктөгү дарт”)

Эсимде, мындан 33 жыл мурда Ош пединститутунун эски имаратында окууга өткөндөр жатакана алуу үчүн арыз жазып жатып таанышканбыз. Ошондогу жапалдашынан келген, ак жүздүү, боор ыраң көйнөкчөн жаш уландын элеси көзгө тартылат. Ошол ошол болду ынак, өтө алыс да болбой, достук мамиледе келатабыз. Арадан аз эмес убакыт өтүптүр. Досумдун ушу кезге чейин бир да биреөгө катуу айтып капа кылганын, ушак айта кыя караганын, ичине ит өлүп жан дүйнөсү тарыганын, кимдир биреөнүн көзүнө чөп салганын, заманасы куурулуп башкаларга бут тосконун көрбөдүм, укпадым...

Оштогу студенттик күндөр төрт жылга созулганы менен, төрт күнчөлүк болбой артта калды. Бардыгына жетишип калууга жан үрөп, убакыттан озуп көп-көп ийгиликтерге жетишип, келечекте алдыңкы сапта жүрө тургансыган күндөр өтүп кетиптир.

Жакын санаалаш достордон айырмаланып Тургунбай эч шашчу эмес. Күйүгүп, сарсанаага батпай, дайыма бир калыпта шаңдуу, көтөрүңкү маанайда жүрчү. Курсташ, тааныш кыздар менен учурашканда кош сап ырлар айтып саламдашчу:

*“Сени дайым өпкүм келет кучактап,*
*Жаз жамгыры жаап жаткан учурда...”,*
*“Же кеткенмин сүйүүм менен кош айтышып,*
*Жүк тарткан машинага түшүп алып...”*
*“Мен сага мына минтип жагынайын,*
*Гүл болуп оң төшүңө тагылайын...”*

Мындай ыр саптарын Сүйүнбай, Турар, Жолон, Омор сыяктуу акындардын сүйүү лирикаларынан алчу, алардын ыр китептерин жаздана жатчу.

Студенттик күндөрдүн үчүнчү жылында жатаканадан жай тийбей, батирде чогуу жашап калдык. Кээде зериккенде, кээде азил-чыны аралаш эки-экиден эрөөлгө чыгабыз. Жеңишке жетүү үчүн күрөштүн бардык ыкмасы колдонулат: ыр, аския, анекдот, кол күрөш, экзамендик баалардын жыйынтыгы, кала берсе чөнтөктөгү акчанын эсеби салыштырылып, утуш ким тарапта экендиги аныкталчу, албетте, талаш-тартыш менен.

Эч арга калбаганда Тукемдин керебетинин баш жагында илинип турган портретти (чындыгында, ал кыздын сүрөтү баарыбызды суктантчу) көрсөтүп:

-Кана, кимиңде менин "братымды" күйүткө салып Мажнун кылган ушундай Лайлиңер бар, Айткылачы! Жокпу! Демек, уткуздуңар, - дечүмүн. Беркилер каткырганча баштарын чулгуй, көкүрөгүн уруп:

-Уткурдук, акеси, уткурдук! Эгерде менде ушундай перизатым болгондо, бул дүйнөнүн калган бүт жыргалчылыгынан кечип кетмекмин десе, экинчиси:

*"Самаркандды, Чоң-Алайды жалына*
*Мен бермекмин бетиндеги калына,"*- дечү.

Ал портретти жаткан-турганда баарыбызга бирдей көрүнчү маңдай жагыбызга илип алчубуз.

Ошондо Тургунбай:

*"Арасынан майин жааган ак кардын,*
*Ак пальточон элесиңди көрө албай.*
*Азаптамын же угаарга өзүң жок,*
*Арман күүсүн чертип коюп жүрөм ай"*, - деп ордунан туруп сыртка чыгып кетчү.

Адам баласынын кыска өмүрүндө бала чактагыдай кайталангыс учур, ал кездегидей таза сүйүү кийин жолугаары арсар. "Эгер сүйүү эмне экенин билбесең, ошончолук оңой болот ал сага". ("Так легко влюбиться можно, не узнав любви") деп ал жылдардагы белгилүү "Весңлая ребята" ансамбли ырдап жатканда, аны уккандан Тукем тажачу эмес. Эми, арадан чейрек кылымдан ашык убакыт өтүп, "Кумар көз" жарык көргөн соң ыр китепти эки-үч сыйра окуп чыгып,

Тургунбайдын жүрөгүндө балалык кезде жаралган аруу сезимдин ыйык сүйүүгө айланып:

*"Максатына жетпей калган махабат,*
*Арман болуп, куйут болуп, ыр болуп.*
*Сенин гана атың менен жашоодо,*
*Сенден башка бир жан билбес сыр болуп", -*

кеткендигине көзүм жетти.

Түбү терең дарыя жай аккандай, байкуш досум:

*"Жолуңду карай берип, карай берип,*
*Күн, Айды санай берип, санай берип,*
*Отуздун кырын ашып кетиптирмин,*
*Отуз күн өтпөгөндөй андан бери",* - деп,

ичтен сызып, барга көппөй, жокко чөкпөй жашап келет.

Жашы улгайган сайын өткөн күндөрдү, балалыкты эскерип жашоонун өзү бакыт экен:

*"Бар тапканым, бар билгеним сен болуп,*
*Балалыктын нарк-насилин туйбапмын.*
*Сен "үч" алсаң сабагыңдан чейрекке,*
*Эжекейге "беш" койгун деп ыйлапмын".*

Арийне, ушул ыр сабы үчүн чын жүрөктөн "ыйласа" болот...

"А мени аягың келеби?" деген ырындагы

*"Аяймын дагы эле өзүңдү,*
*Өзүңдү түз кеткен шолоктоп:*
*"Кыялбайм мен сени, а бирок,*
*Ата-энем кападар болот"-деп,*

деген ыр саптары бири-бирине умтулган жүрөктөрдүн аянычтуу абалда биротоло ажырашуусунун керемет сүрөтү эмей эмне?!

*"Аппак жүзүң алоолонтуп дилимди,*
*Чаркка коюп курчуткандай сезимди.*
*Унута албай ойлуу жашап келемин,*
*Он бештеги айдай толгон кезиңди".*

Аттиң десеңчи! Ошто окуп жүрүп, 1973-жылы батирде жашап, оюн күлкү менен күн кечирип жүргөн ошол күндөрдө маңдайыбыздагы дайыма илинип турчу портреттеги "айдай жүздүү кумар көзгө" биз, Тургунбайдын достору, бекер суктанбаптырбыз...

Айта берсе, арман көптөй, сөз түгөнбөчүдөй. Ушул жерде ойду минтип жыйынтыктап туруу оң:

*Тагдыр сага азоо жорго мингизсе да ыроолоп,*
*Таштак жолдо сен келесиң ат тизгинин жылоолоп,*
*Турмуш экен, сени сүйүп, сыйың көргөн инсандар-*
*Тургунбай деп атың атайт, урмат менен суроолоп...*

*"Баткен таңы" гезитинин*
*2002-жылдын 8-июнундагы санынан алынды*



*Мурзапар Үсөн –*
*жазуучу, драматург.*

## Музасы анын - махабат

Т.Жумаев 25 жылдан ашык мезгилден бери билим берүү тармагында үзүрлүү эмгектенип дагы, жүрөк толкуткан жакшынакай ширин ырларын элге тартуулап да келди. Көптөн бери райондук “Кызыл Туу”, мындан тышкары облустук “Баткен таңы”, республикалык “Тунук”, “Азия нуру” жана башка гезиттердин адабият беттеринде анын жакшынакай ырлары жарыяланып, лирикалык ырларга ынтызар окурмандардын көңүлүн өзүнө буруп келе жатат.

Жакында ушундай ырларынын ичинен топтоштурулуп “Кумар көз” деген ат менен жарык көргөн китеби анын ырларына болгон кызыгууну дагы арттырды. Ырларынын мазмунунан жана тематикасынан сезилип тургандай, Т.Жумаев келечекте көптү үмүттөндүргөн, дээринде поэзиянын уюткусу бар акын. Кыска, бирок жаштык сезимди козгогон нуска ырлары ойдун тереңдиги, жүрөк толкуткан лирикалуулугу, биреөлөрдү туурабай, ички сезимди билдирүүдөгү өз алдынчалуулугу менен баалуу. Менин бул оюма анын ырлар жыйнагын окуган зирек окурман кошулбай кое албайт деп ойлойм.

Жогоруда айтылгандай, мен Тургунбай Жумаевдин сүйүүгө мелт-калт болгон, жанга жагымдуу ышкы ырларына көптөн бери куштар элем. Ушундай жүрөгү менен ырдаган акындардын элдин катарынан бери чыгалбай дымып, өзү менен өзү муңдашып калганына өкүнчүмүн. Канткенде ушундай жаркын таланттар элдин сүймөнчүлүгүнө айланат дегенде эки көзүм төрт болчу.

Мына эми, жаңы Баткен облусунун пайда болушу унутула жаздаган өнөр-талантка канат-бутак болоорлук шарттарды аз да болсо түзүп бере алды. Эсимде, облусубузда биринчи жазуучулар кошунунун бөлүмү ачылат дегенде эле бир топ эл оозуна алынган акын-жазуучуларды эстегеним чын. Ошолордун катарында ыр дүйнөсү бышып жетилген Тургунбай да бар болчу. Мейли, биреөлөр таанығысы келбесе

койсун. Ар ким өз дараметине, толуп ташкан чабытына жараша иш кылат эмеспи. Балким, Тукемден жакшы акын чыккысы бардыр. Айтор, мен Туке деп атаган акын биздин катарыбызда.

Мына минтип махабат ышкысы жалбырттаган сүйүү ырлары кайсы жылдарда жазылса да, ушу бүгүн, азыр эле агылып-төгүлүп ырдалып жаткандай туюлат. Демек Тукемдин жүрөктөн оргуштаган музасы – ырдалып бүтпөгөн махабат. Айтаарым – ырларынын кайсы куплетине, кайсы сабына туштукпа, жан дүйнөңдү алып учкан сүйүү ыргактарына кабыласың.

Жөн эле кылактаган жалжал көздүн акын дүйнөсүн арбап турушу жашоого болгон кумар отун жандырат. Мындай ырлардын түрмөгү акындын окурмандарга тартуулаган китепчесинде четтен. Алсак “Сырың кайсы?”, “Көкүрөктөгү дарт”, “Ыйык сырды сактай жүр”, “Сенде бар”, “Кумар толо жоодурап көзүң турса” жана башка ырлары сенин табитиңдеги тээ жаштыкка кездешкен, азыр унута жаздаган аяр сезимдериңди жандырып өтөт.

Эмне демекчимин. Туке, сен бар, сени жашоого, сүйүүгө үндөгөн ырларың бар. Сен махабатка бай акынсың, сендей болуу, сенчилеп сүйүү баарынын эле колунан келе бербейт. Алган жарыңды ошончолук сүйөөрүң да ушу жанга жагымдуу ырларыңда. Анан да кызганыч да болбосун, жүрөктөгү ырдалып бүтпөгөн махабатты эч ким башкарып бийлей албайт.

Ак жол сага! Калемиң талыбасын, махабатты ырдаган акын карыбасын. Ыр сапарың байсалдуу болсун!

*“Тунук” гезитинин 2002-жылдын ноябрь айындагы №30-санынан алынды.*



*Аскар Ражабалиев –*
*жазуучу, журналист.*

## Кош канатың көкөлөтүп учурсун!

“Баары адамдын мүнөзүнө жараша болот”, - дейт эл. Сүйлөгөн сөзүң, күлгөнүң, баскан-турганың да мүнөзүңдүн күзгүсү дегеним, акын Тургунбай Жумаевдин ырларынан улам. Ал жигитти көптөн бери билем. “Сакадай бою – сары алтын” дегендин нак өзү. Токтоо, сабырдуу, маин, анан терең. Терең демекчи, шашпай, маани-маңыз менен сүйлөп, уккан кулакты жибитип, муюта, ынандыра билет. Жай, иримчиктеп, терең аккан суугa окшогон Тургунбай акын.

Ошол оор-басырык, тереңдик уюган мүнөзү ыр саптарына айныбай көчөт да, өтөт. Качан көрсөң, ака деп көңүлүңдү жибите, ак жуумал жүзү жарк этет. “Көңүлү таза, ичи кең адам карыбайт,”-- дешээр кадыр-кыймат жашка жетип келиптир.

“Адам өзүнөн жашты көрүп, жашы өтө баштаганын билет” деген накыл сөз бар. Анан “Эр ортону элүүгө кириптир, эмне иш жасаптыр?” деген да сөзү бар, баамчыл элдин. Анын сыңарындай 50гө кирген Тургунбай не иштерди жасоого үлгүрдү экен? Же “өз очогунун отун жагып, күлүн чыгарып жүрүп” күн, түндөрү өттүбү?

Билгенге, Тургунбай кыйла иш өтөп, сынчыл элдин сынынан өткөн жигит. Ошо токтоо мүнөзү менен кезинде Оштогу айтылуу мугалимдер институтунда окуп, эне тил, адабияты мугалими болуп, окуучулардын көзүн ачып, көкүрөктөрүн ойготкон. Он жылга жакын Самаркандек орто жана гимназия мектебинин директору болуп, мектеп реформасы, окутуу жана тарбиялоону заманбап ыргакка келтирүүгө күчүн жумшаган. Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө нускоочу, инспектор, башчынын орун басары кызматын өтөгөн. Ушул тапта билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитетинин төрагасы. Өтөгөн кызматы үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак Грамотасы ыйгарылган, “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы” болууга татыган.

Тургунбайдын турмушта сызып учкан канатынын бири жаштарга билим берүү болсо, бир канаты акындык ынтызарлык. Ыр жазуу анын балалык максат-кыялдары менен бирге жашап, акындардын ырларын түшүнө окуу менен эрезеге жеткен. Ырлары гезит-журналдарга жарыяланып калса сүйүнүп, ыр дүйнөсүнүн сыйкырына ого бетер үңүлө караган. Көп изденип, көп түйшүк тарткан. Бөтөнчө Тургунбай махабат темасында жеңил жазып, окурманды эргитер ыр саптарын жаратаарын көрсөттү. Аны билген, тааныган замандаштары махабат акыны деп сыймыктана аташат.

*"Дене бойду титиретип, какшатып,*
*Ысык-суука салып өңдөн аздырды.*
*Көкүрөктү тим койбостон кытыктап,*
*Кыялдантты, аппак ырлар жаздырды",* - дейт ыры менен махабатты ширелткен акын.

Тургунбайдын жалаң махабат саптарынан турган "Кумар көз" аттуу жыйнагы окурмандардын көңүлүнө жагып, сүйүп окуган китепчесине айланды. Ушул жыйнагы Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыктын лауреаттыгына татыды.

Бүгүн кош тизгинди бир кармаган Тургунбай Жумаев 50 жаштын эгизине чыгып, кишилик күүсү күчүндө, чыгармачылык эргүүсү чыңалып турган чагы.

Биз инибизге: "Кош канатың менен узак-узактарга уча бер!" – демекчибиз.

*"Баткен таңы" гезитинин 2004-жылдын*
*3-февралындагы №6-7 сандарынан алынды.*



*Абдыкерим Муратов –*
*жазуучу, педагогика илимдеринин*
*доктору, профессор.*

## Сүйүүнүн баткенчи султаны

“Оо, сүйүү” деген китептин автору бүт өмүрүн агартуу тармагына арнап келе жаткан Тургунбай Жумаев. Анын буга чейин “Кумар көз”, “Сен бар үчүн” деген ыр жыйнактары чыккан. Жаңы китеби менен таанышып отуруп чын жүрөктөн оргуп келген, ашык болуп махабатка арбалган жигиттин арманын, дил туйгуларын жана эң башкысы сүйдүргөн жана сүйгөн адамдардын образдарын көрдүм.

*Оо, сүйүү!*
*Сен ыйыксың,башка ыйыктар чендебес,*
*Сен бийиксиң баарына эле кол жетпес.*
*Таразасың тактык үчүн жаралган,*
*Тактыгыңа акыл жетпес, сөз жетпес,* - деп акын байыркы бабаларынча дагы бир жолу сүйүүнүн дервишине да, султанына да, кулуна да, бийине да айланып чыгат. Анын поэзиясы Баткен жеринде азырга чейин жугу-журту калып келген орто кылымдык фарсый акындарынын таасирин өзүндө сиңирип тургандыгы менен кызыктуу. Китеп 1000 нускада Оштон чыккан.

*“Zaman-Кыргызстан” гезитинин*
*2010-жылдын февраль айындагы*
*санынан алынды.*



*Холматова Гүлнара –*
***КРнын билим берүүсүнүн мыктысы,***
***КР маданият министрлигинин***
***Ардак грамотасынын ээси.***

## Окурмандарга

Тургун Жуманын “Оо, сүйүү...” аттуу ырлар жыйнагын окуганымда эле өзүнчө кулпуруп, өзүнчө ыргалган, өзүнчө ыргакка түшкөн махабат жөнүндөгү түрмөк ырлары жана ар кандай темадагы ыр саптары менен аябай таңдантты. Алгач акындын “Чаңкаган өрүкзарга” деген ырын өзбек тилине которуп, “Тоо кызы” аттуу ырлар жана котормолор жыйнагымда жарыяладым.

Бул ырдын өзбекче котормосун окурмандар жакшы кабыл алышты. Себеби ыр жөнүндө окурмандардан көп жылуу сөздөрдү уктум, “... дагы кандай ырлары бар экен?” деген суроолорго туш келдим. Андан сырткары, акындын “Оо, сүйүү!..” – Тургун Жуманын үчүнчү ырлар жыйнагы” деген сүйлөмдү окуп, анын башка ырлар жыйнактарын да кызыгуу менен издей баштадым. Бактыма жараша, акындын “Кумар көз”, “Сен бар үчүн” деген ырлар жыйнактарын таптым. Ошол учурда “Кыргыз туусу” газетасында

*“Сүйүп калуу бир күндүк иштир, балким,*
*Унутууга бир өмүр аздык кылат...”*

деген рубрика менен акындын жаңы ырлары берилгени анын чыгармачылыгына болгон кызыгуумду дагы тереңдетти. Ошол күндөн анын ырларын которууда өтө так жана калыс болууга аябай аракеттендим. Акын эмне айткысы келгенин, ар бир оюнун маңызы эмнеде экенин өзбек окурмандарына жеткирүү үчүн акындын көз карашын терең туюуну максат кылып алдым.

Акынды боордош досторубузга да таанытуу, анын махабат шиңгилдеринен даам таттыруу мен үчүн чоң бакыт.

Алар акындын ыр саптарын өз эне тилинде окуганда, “Адабияттар биримдиги – элдердин достугу” демекчи, кыргыз жана өзбек элдеринин достугу ширелип, ынтымагы бекемдеп, кыргыз элинде да ушундай таланттар көп экендигине ынанарына үмүттөнөм.

*Т.Жумаевдин “Лира” (Ош,2013)*
*ыр китебинен алынды*



*Нууман Саади –*
*акын, жазуучу.*

## Ширин шиңгилдериң мөлтүрөй берсин!

Адабият айдыңын аркалаган адамдардын көркөм жан дүйнөсү ар кыл сыяктуу, алардын өз чыгармачылыгына болгон мамиле-алакасы да ар түрдүү: биреөлөрү бар, бир сап жаңы ыр жазса аны окуп берүүгө ашыккан, бир даарысы бар, биртке жазган чыгармасын мезгилдүү басма сөзгө же өзүнчө китеп кылып жарыялоого шашыла жүткүнгөн, дагы биреөлөрү бар, умтулбай да, умсунбай да, кудум өз кыямын, учур-пайитин атайлап чыдамдуулук менен күткөн карагай саяпкер-мүнүшкөрдөн бетер сабырдуулуктун салтына ныгырылып, беттеген максатынан берендик менен тайбай, барар багытын көздөй талбай арыштап, жазар темасын жетигине жеткире тынбай иштей берет, иштей берет.

Дал ушундай шарттуу классификациянын акыркы коомуна биз ылдыйда азыноолак алгы, жылуу сөз айтууга камданып олтурган алтынбешиктик акын жигит – Тургунбай Жума кирерин жүрөкзаада болбой, кубанып айтса жарашат.

Турмушунда токтоо, кыт куйгандай зымпыйган, сөзүн салмактап орду менен айта билген, мүнөз-жоосуну боюнча өтө зирек да, карагай да, назик да эмес, ал тургай кополдой ар кылка таасир калтырган Тургунбайдын ыр түнөгөн жүрөгү ушунчалык назик, мүлдө жан дүйнөсү бүтүндөй сүйүү лирикасына чүмкөлүп калган, махабат тараналарын талыкпай ырдаган акын экендигин анын мындан эки жыл мурда жергиликтүү басмадан жарык көргөн “Кумар көз” аттуу ыр топтомун окуганда туюп, бир тамшанган жайым бар.

Мына ошол өзүм сыйлап, ичимден “Махабат Мажнуну” деп ардактап атаган акын үкамдин басмага сунуш кылганы отурган “Сен бар үчүн” аттуу ыр топтомунун жаңы кол жазмасын бир дем менен окуп чыгып, автордун өзү тандап, баш оту менен кириптенген сүйүү, ашыклык темасы боюнча чебердиги ого бетер өсүп, арышы артып кеткендигин баамдап-байкап, терең канагат алып сүйүндүм. Ыр саптарында кездешкен жаңы салыштыруулар, жаңы сөз айкаштары, жаңы


табылгалар, жаңыча ой айтуу сыяктуу өзгөчөлүктөрдү акындын ыр ааламындагы алгылыктуу жетик көрөңгөсү, ишенимдүү, даңгал, адис кадамы катары баалоо эч ашыктык кылбайт.

Бир сөз менен айтканда, кыргыз поэзиясынын кыйырына бышып жетилген, тоборсугу толгон, каруусу каткан өзүнчө үнү, шоокум дабышы бар, даргөйү кең таланттуу акындын келгендигин коркпой-үркпөй жар сала берсе болот. Китепти өзүңүз барактап окуп таанышсаңыз, азиз окурманым, бул айткандарыбыздын акыйкат, данектүү экендигин сезип-туярыңызга бекем ишенем.

Ал эми Тургунбай үкама ак жүрөктөн каалоом бул - калемиң колуңдан түшпөй, карылык-парылыкты капарыңа албай, өзүң сүзүп бараткан сүйүү ааламында, махабат мухитинде адам заадасынын жан дүйнөсүнүн эң ширин лазаттарынын купуя, сырдуу ажайып кереметтерин даңазалап ырдап, окурман табитине кушкер гүлазык тартуулап, жаңы толгонуу толкундарды карай талыкпай жиреп, чабак ура бер! Ошол арыштуу кадамыңда сага мыкты ден соолукту, сак-саламатчылыкты улуу жаратკандан тилеп кетем.

Ылайым эле назым дүйнөсүндөгү ширин шиңгилдерин мөлтүрөп, окурмандын дил ышкысын кытыгылап, дайыма суктанта берсин, Тургунбай үка!

*Т.Жумаевдин “Сен бар үчүн”*
*(Бишкек, Бийиктик, 2004) китебинен алынды.*



*Зулпукар Балтабаев-*
*журналист, КРнын билим*
*берүүнүн мыктысы.*

## Жакшылыктын сапар жолу түгөнбөйт

Убакыт учкан куштай зымырап өтө берет экен. Адам дегениң жашыл оңуп, жаш оңуп, жаш улгайып, өмүрүнүн өр тарта кайрылгыс болуп өтүп жатканына кейибей, көбүнчө көр тиричиликтин майда-барат көйгөйлөрүнө чарпылып, пенде катары ийгиликтерине кубанып, утулуштарына кайгырып, тагдырга тан берип-бербей жашай берет турбайбы. Жаратkандын амири менен жарык дүйнөгө келип, өмүр деген улуу сапарга чыгып алгандан кийин ал жол, ал сапардын кайсы күнү, кайсы жерде, кандай ал-акыбалда түгөнөрүн билбей, кызгалдактай кызарган кызыгына тамшанып, дээринде жакшылык уялаганы жакшылыгын айлана-чөйрөсүнөн, жакын жоро-жолдошторунан, тааныштарынан, көкүрөгүнө төп келгендердин бардыгынан аябай.

Мындай тыянакка келүүмө досум Тургунбайдын быйыл 60 жашка толушу себеп болуп, ошондон улам ал тууралуу аздыр-көптүр билгендеримди айтууну оң көрдүм. Эсимде, Ош désинистутунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө окууга өтүп, 1970-жылдын августунда окуу жайы тарапка бараткан жолдо жигар ыраң көйнөкчөн Тургунбай менен таанышкам.

Ошол ошол болду. Бирге окуп, санаалаш болуп, ачуу-таттууну бир татып, ысык-суукту бир көрдүк. Кагылып-согулуп дегендей, кайран өмүрдүн белесине чыккан кезде, бүгүн артка кылчая абай салып карасак, атактуу акын Алыкулдун “Боз ат минген отуз жашына” дагы бир боз атты кошуп, кош ат чегилген арабабызды ар кимибиз өз дараметибизге жараша акырын кылдыратып келатыптырбыз.

Тукемдин оң-солун таанып, өзүнө гана таандык турмуштун түйшүктүү чыйыр жолуна кадам таштаган айылы Жийделиден башталган алгачкы балалык арымы тагдырдын оор сыноолоруна туш келди. Кайда барбасын жалгыздык, өкүнүч, армандуу сүйүү жана келечекке болгон балалыктын

үзүлбөгөн үмүтү коштоп жүрдү. Арадан көп жыл өттү, өрүкзар нечен гүлдөп, кызгылтым саргылт бариктери нечен күүлдү.

Өйдө каттап, ылдый каттап, иштери көп. Туулган айылын сагынып, бакырaң көз балдар менен баарлашкысы, кадырман карыялардын сөзүн муюп уккусу келип, ата-бабасынын руху канында жашап жатканына каниет кылып, көзү өткөндөрдүн арбагына багыштап куран окутканы оро-парада Жийделисине барганда, Сыр-Дарыянын суу жетпеген кумдуу жээгинде калган өзү туулган тамдын орду, өрүкзар чарбагы, бейкапар балалыгы менен кездешет. Бул кездешүү биресе кубанычтуу, биресе муңдуу. Ана, бирде суудан чаңкаган гүлдөрдүн гүнчасына жашынган, бирде дайранын өркөчтөнгөн толкунуна минип ойногон баңо мүнөз балалыгы! Бирде ичти ачыштырып, көздөн жаш кылгырта, бирде кубанычка батыра бу дүйнөнүн кызыгын ээрчий эртеңкиге үмүт, максат арттырат.

Аны бул жакка - киндик каны тамган тууган жерге жетелеп алып келген балалык арзууга миң мертебе ыракмат айтат ыраазы боло. Ал болбосо минтип көөдөнгө сыйбаган сагынычтан улам өрөпкүп келмек эмес. Бекер келбептир, келди да о-о баягы бейкүнөө, бирок көздөрү муңга толгон балалыгын таап алды. Таап алды да, көздөн жашы буурчактап, кырк кабыргасы сөгүлдү:

*Жер өзгөрүп, эл да өскөн, сен да өстүң,*
*А балалык бала бойдон жайдары.*
*Көз жаш көлдөп, кырк кабыргам сөгүлүп,*
*Ойноп өскөн өрүкзарым аңтардым.*
*Буттай болуп чыгып калган жууркандан,*
*Не бөлүнүп калдың журттан? Аң-таңмын.*

(“Жийделиге” деген ырынан)

Анан өтмүштүн элестери көз алдыга тартылып, жаш баланын муштумундай болгон жүрөк аркылуу жан дүйнөнү аралап өткөн балалыктын сарсанаа сүйүүсүнө айланып ыр болуп төгүлүп жатты: “Мен – жалгыз, жалгызымсың – туулган жерим; таянар тоом, издегеним – жалгызым сен, дүйнө кезип өмүр бою издесем да, сендейди табалбасмын, табалмасмын мен...”

Минтип Тукемдин ыр саптарынан мисал келтирип жатканымдын дагы себеби бар. Ал дээринде мугалим. Мугалимдик ардактуу кесипти аркалап, майын чыгара иштөө менен кошо көкүрөгүндө уялаган ойлорун, шипширин сезимдерин ыр саптарына сыйдырып, поэзия ааламына сүңгүп кирип элге акын

катары таанылып калган дагы жайы бар. Тургунбай "Кумар көз", "Сен бар үчүн" ырлар жыйнактарынын, "Байыркы бабалар жеринде", "Эл адамы" даректүү баяндар китептеринин автору. Ырлары өзбек тилине которулуп, Оштогу басмакanaдан кыргыз, өзбек тилдеринде "Лира" деген ат менен жарык көргөн. Ошентип, дилге жакын ырлары менен өзбек окурман журтташтарыбызга, поэзия сүйүүчүлөрүнө да таанылды. 2002-жылы "Кумар көз" ырлар жыйнагы үчүн Курбаналы Сабыров атындагы адабий сыйлыкка татыктуу болду.

Мектептерде мугалим, директор, райондук билим берүү бөлүмүндө усулчу, усулкананын башчысы, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары кызматтарын аркалаган. Ал өзгөчө М.Салихов атындагы орто мектепте чыгаан жетекчи катары таанылды. Дээринде жаңылыкка умтулган Тургунбай мектепти 1985-жылдан жетектеп, райондогу жана Ош облусундагы алдыңкы, жаңычыл багытта иштеген педагогикалык жамааттардын катарына кошууга бар билимин, тажрыйбасын жана мүмкүнчүлүгүн жумшады. Мектепте гимназияга өтүү багытындагы сынамык аянтча уюштурду. Ал аянтчанын базасында Самаркандек гимназия мектеби ачылып, жаш муундарды жаңы технологиялардын негизинде окутууну улантып келе жатат. 2001-жылдан бери Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагасы. "КРнын билим берүүнүн мыктысы", "КРнын кесиптик бирликтер кыймылынын мыктысы" төш белгилери менен сыйланган.

Тукем кайда, кайсы жерде иштебесин, ал өзүнүн жумушун ар дайым тыкан бүтүрүп, илээндиликке жол бербей келе жатат. Жетекчи катары мектепте болобу, райондук билим берүү бөлүмүндө болобу же райондук деңгээлде болобу, ар дайым калыстыктан тайбай маселени жети өлчөп, бир кесип, бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбай, кимге болбосун сылык-сыпаа мамиле жасап, улуу-кичүүнүн ишенимине ээ. Бекеринен Тургунбайга КРнын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин "2005-жылдын мырзасы", "Баткен районунун ардактуу атуулу - 2012" Ардак наамдары берилбеген.

Турмуш дегениң – кызык: ийгилик-утушту, бакыт-таалайды самап жүрүп жетпей калгандар аз эмес. Тукеме таң калам. Ал айрым бир жулкумбайларча алардын артынан жүгүрүп

суранбады, башкаларга жалдырабады. Тескерисинче, алар анын артынан шашылбай өзү бириндеп келүүдө. Балким кадырын салып башкаларчылап "чуркаганда", ал небак Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына же "КРнын эмгек синирген мугалими" наамына ээ болмок.

"Оо, сүйүү" ыр китебин окуп чыккан соң, педагогика илимдеринин доктору Абдыкерим Муратов "Сүйүүнүн баткенчи султаны" деп баа берген. Тургунбай Жумаевди анын лирикалык чыгармаларын урматтаган ыр ышкыбоздору ар кандай жолугушууларга, мектептерге чакырып турушат. Алар баарлашуу учурунда ырларынын кантип, кандайча жазылганына кызыгышат, суроолор беришет. Ар бир ырда турмуш чындыгы, адам тагдыры бар экенине ынанышат.

*Муң артынып мусаапырдай боз адыр,*
*Мөңгү жаткан тоолорду эңсеп жете албайт.*
*Жаштар сыртта тагдыр жасап жүрүшөт,*
*Карыялар жерин таштап кете албайт.* - деп заман көйгөйүн, мезгил ыйын угармандарына Түкем чын жүрөктөн каргылданган үнү менен каңырыгы түтөй окуп берет.

Биз, классташтары, курсташтары, курбу-достору Тургунбайды маңдайы жарык, тамашөкөй, дили таза замандашыбыз катары урматтайбыз. Улуу-кичүү тааныгандар жана тууган-туушкандары бирөөгө катуу тийип көңүл калтырбаган ак пейил инсан катары сыйлашат.

Жубайы Нартажи экөө уул-кыздарына татыктуу тарбия-таалим берип, уядан учурду. Учурда неберелерине баш-көз болуп, жаштарга акыл-насаатын айтып, билим берүү тармагында жемиштүү иштеп жаткан чагы.

Эмесе, урматтуу досум Тургунбай!

Сен билген жана сени билген мугалимдердин атынан кутман курак 60 жашка толушуң менен чын ыкластан куттуктайбыз.

"Саламатпы, агай!" – деген сөз үчүн
Мен мектептен кетким келбейт бир өмүр" – деп небак районубуздагы мугалимдер арасында учкул сөзгө айланып кеткен ырында айтылгандай, мындан ары да билим берүү майданынан кетпей, сак-саламат эмгектене беришиңди каалайбыз!

*"Мугалимдер дүйнөсү" гезитинин 2014-жылдын май айындагы №5-6-санынан алынды.*

***Маркабай Ааматов – акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Ленин комсомолу, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Чыгармачылыкта жетишкен ийгиликтери үчүн» сыйлыктарынын лауреаты.***

## Өрүкзардын акыны

Баткен жергеси сулуулуктун, улуулуктун, аруулуктун, бийиктиктин, сырдын, ырдын, таланттын ааламы экенин тээ жаштайыман жакшы билем. Ар жыл сайын өрүк гүлдөгөн маалда барып, эч бир кайталангыс сулуулугун көзүмө чөгөрүп алгым келет. Эсил кайран СССРдин доорунда эл акындары Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоев, залкар акын Түмөнбай Байзаковдор менен бул куттуу ыйык мекенди түрө кыдырып, далай талант эгелери менен жолуккан учурларым эсимден кетеби?

Ошондой жолугушууларда тапкан досторум Касымбай Бапов, Турабай Жороев, Атакул Жакыпов, Абдилаат Дооров, Айдарали Жапаров, Гыламидин Абдырахманов, Мурзапар Үсөн, Иматов Турдалы, булбул таңшык татынакай ырлардын ээси, жандай көргөн иним, Кыргыз Республикасынын эл артисти Аппаз Жайнаковдор болсо, кийинчерээк Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар Союзунун вице-президенти, катчысы болуп турганда тапкан таланттуу досум Тургун Жума болду. Анын «кечиккен талантын» баамдап, Жазуучулар Союзуна мүчөлүккө сунуштаган, документтерин алып келип мага табыштаган, азыркы эл деп күйгөн, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, кадырлуу агабыз Ташболот Балтабаев болгон эле.

Кийинчерээк биринин артынан бири чыккан «Кумар көз» (2002), «Сен бар үчүн» (2004), «Оо, сүйүү» (2009) аттуу китептери мени келечектен көптү үмүттөндүргөн чыныгы акын менен жолуктурган. Айрыкча анын «Оо, сүйүү» ыр түрмөгүндөгү ыр саптары калеми кадимкидей төшөлүп,

жетилген, ой-чабыты кеңип, такшалган устат, мыкты акындын деңгээлине өсүп жеткенин туюндурган.

Тургун Жума талантын борбор калаабыздагы кайсы бир мыкты акындын мектебинен өркүндөтпөсө да, элетте жүрүп эле дүйнөлүк адабияттын алптарынын, Алыкул, Сүйүнбай, Сооронбай, Жолон, Турар, Курбаналынын ырларынын ыргактарын терең өздөштүрүп, өз чыйырын, өз үнүн табууга аракеттенип, астейдил изденген акын.

Анын үстүнө, учурда Баткен облусунун борборунда, айрыкча Лейлек жергесинде чыгармачылык атаандаштыкты пайда кыла турган мыкты адабий чөйрө бар. Ал чөйрөнүн өзөгүн түзгөндөрдү мен жогоруда зор сыймык менен атап өттүм. Ошол чөйрөнүн чыгармачылык беренеси – Тургун Жуманын кыргыз адабиятын байытууга аздыр-көптүр салым кошкон ырлары болуп эсептелет.

Албетте, акындык шыктын дүрт эткен отуна май тамызган анын капилет жолуккан махабат сезими сыяктанат. Акын «Ырчы мөл булак» аттуу ырында:

*«Ыр башаты – ырчы мөл булак,*
*Күүсүн чертип мөлтүр башаттын,*
*Шунча өмүрдү ырсыз коротуп*
*Дил булакты муунтуп жашапмын!..»* -деп арман кылат. Менимче, акындын бул оюна толук кошулууга болот. Акындык ушунча дарамети бар туруп, көөдөндөгү оргуштап, кайнап турган ыр саптарына кайдигер болуп коюу кылмышка тете иш болмок!

Эми акындын дилин аруулукка сугарып, керемет саптарга тушуктурган махабат кайрыктарына кайрыла кетпесек туура болбос. Акындын «Оо, сүйүү» ыр түрмөгү 2002-2008-жылдардын аралыгында жазылганы менен, бир дем менен шыдыр, тез арада жазылгандай туюм берет. Ар бир ыр өзүнчө дүйнө, өзүнчө арман, өзүнчө сыр, баян. Акын менен аны ашык кылган перизаттын бири-бирине болгон ары ыйык, ары аруу, ары тунук сезимдери түркүн боңктор менен чебер тартылат. Бул учурда Тургун Жума чыныгы чебер сүрөткер:

*«Аппак, аруу тилегиң да, назың да,*
*Жүрөгүмө назиктикти уюткан.*
*Кайда жүрдүң кара көзүң моймолжуп,*
*Кайда жүрдүң бир туш келбей мурунтан?..»*

О, капилеттен жолуккан сүйүү! Сен ошон үчүн кереметсиң! Сен ошон үчүн акындын жүрөгүн уйгу-туйгу кылып, сезим кылдарын күүгө келтирет эмессиңби?! Болбосо, акын минтип эч качан айта алмак эмес да:

*«Кейпин кийип жалгыз калган кулуктун,*
*Күндөп-түндөп сени издедим, куйуктум.*
*Көп убадаң кылды мени убара,*
*Убарама кейибеймин, сүйүктүүм!»*

Бул ыр саптары менен акын досум мен деген кыргыз акындарынын катарына, керек болсо алдына чыга алган. Мындан да мыкты саптарды жарата ала тургандыгына үмүт жандырып, суктандырып турат.

Ал эми бул саптар өтө чебер, поэзиянын ыйык штрихтери менен тартылган автопортрет туюлуп кетти мага:

*«Аппак була өңдөнгөн балалыгым,*
*Арuулукту апакай таңдан алган.*
*Агарганы чачымдын арман эмес –*
*Арзуусу мол ак сүйүүм сенде калган!»*

Акын Тургун Жуманын бул жаңы китеби, буюрса, окурман журтун ойго салып, аруу сезим тартуулап, мезгил жүгүн аркалай турган мыкты китеп болоруна бөркүмдөй ишенип турам. Ошондуктан, акындык тагдыр досумду аруу махабат, ыйык сүйүүсүнөн түбөлүк айрыбасын дегим келет. Бар бол, Баткендин бал татыган өрүгүндөй таттуу ырлардын жаратманы! Китеп артынан китеп тартуулап, талантына тамшандыра бер!

*Т.Жумаевдин "Ырчы мөл булак" (Бишкек, Бийиктик, 2014) китебинен алынды.*



*Атакул Жакыпов – акын, Алыкул Осмонов атындагы республикалык адабий сыйлыктын лауреаты.*

## Ырдалып бүтпөгөн махабат

Тургун Жума адабият астанасына кечигип келсе да, бирок ар тараптан кеңири жетилип келген акын. Муну анын алгачкы ыр жыйнагы "Кумар көз" айныксыз тастыктап койгонун окурман журту унутпайт. Анын артынан "Сен бар үчүн", "Оо, сүйүү" деген биринин артынан бири мыкты, баштан аяк ашыглыктын аруу сезимине бөлөнгөн китептерин жарыкка чыгарып, ырдан ырга бийиктеп өсүп бараткатанын даана көргөздү.

Мына эми акын "Ырчы мөл булак" аттуу жаңы ырлар жыйнагын басып чыгаруу алдында турат. Ырас, мында мурдагы үч жыйнагындагы ырлар менен "Жаңы ырлары" кошо берилген. Жыйнакты алтымыш жылдыгына арналган тандалмалар десе да болчудай.

Арзуу лирикасы кол жазманы баштан аяк кызыл жип сыяктуу аралап жүрүп отурат. Буга алыстан мисал издебей эле, акындын:

*Тулку боюң - эркин өскөн эликтей!*
*Кашты кара кетигиндей жаңы айдын!*
*Аппак, кызгылт, пушту жана кырмызы*
*Көйнөктөрүң куп келгенин айтпагын,* - деген керемет кайрыктарын, же болбосо:

*Уялыңкы айтылып жатты сөздөр,*
*Карап-карап таанышып жатты көздөр,*
*Кете албастан тушалып бүттү буттар,*
*Бул тамбурда мынчалык кандай кут бар?* –дегендей алгачкы сүйүүнүн аңызына айланган ажайып саптарын четтен келтирсе болот.

Тургун Жума бирде

*"Өзүң ширин, шириндигиң кыялбай,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бул дүйнө,"* – десе, дагы бир ырында

*“Жалыныңдан шашылып ууртап алып,*

*Өрт кеткенин ичимден билбей калып,”* – деп ыймандай сырын ысык илеп менен ырга салат. “Отуз күн өтпөгөндөй”, “Айтунукка”, “Булактай коктудагы шар ага элек” деген ж.б. көптөгөн ырларында акын ак сүйүүнүн арман күүсүн чертет.

Тургун Жума өзүнүн чыныгы ыр Мажнуну экенин “Сезим тамчылары” ыр түрмөктөрүндөгү Айжаркынга арналган ырларында эң сонун ачып берет. Сөзүбүз куру болбосун үчүн, кайрадан акындын ырларына кайрылуу ашыктык кылбас:

*“Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын!*
*Таңкы шоолам болдуң, кетпес нур бактым.*
*Мен өзүндөн илхам алдым өмүрлүк,*
*Мен өзүндөн кайрыгы мол ыр таптым.”*

Ушул саптарды улай:

*“Махабатым – жылдыз ал көктө жанган,*
*Мөлтүлдөгөн жаштык кез артта калган.*
*Жийде жыттуу саамайың сылап жүрүп,*
*Жигиттигим кермурут сенде калган,”* - дейт, махабаттын улуу туйгусуна туш келген акын.

"Ырчы мөл булакта" туулган жери, бир кезде гүлгө оронгон Жийдели кыргыз айылы, бүгүнкү шор басып жаткан кунарсыз куу талаалар, суу жетпей чаңкап жаткан өрүкзарлуу өрөөн, алыстан-алыстан угулган Сыр-Дайранын романтикалуу жаштыгындай алыскы шоокуму, бир туруп балалыктын баңо дүйнөсүндөгү кайталангыс айыл көрүнүшү. бир туруп туулган жердин жүрөк зыркыраткан азыркы абалы Тургун Жуманы түмөн ойлорго салат. Ал:

*"Тагдыр айдап алыстарда жүрсөм да,*
*Киндик каным сага тамган буйруктан.*
*Ага күбө визиткаңдай өрүкзар,*
*Көлдү бойлоп эркин сызган булуттар."* - деп ойлосо оюнан, караса көзүнөн кетпеген, жүрөктө калып, жүрөктө унутулбай жашаган алыскы мекенин дайыма эстеп да, эңсеп да жүрөт. Акын туулуп, киндик каны тамган айылынын тагдырына кайдыгер карай албай:


*Буттай болуп чыгып калган жууркандан,*
*Не бөлүнүп калдың журттан? Аң-таңмын,* - деп кейип, экинчи бир ырында:

*“Муңду артынган мусаапырдай боз адыр,*
*Мөңгү жеткен тоолорду эңсеп жете албайт.*
*Жаштар сыртта тагдыр жасап жүрүшөт,*
*Карыялар жерин таштап кете албайт,”* - деп бүгүнкү күндүн чындыгын жетер жерине жеткире кашкайтып ачып берген.

“Ырчы мөл булактагы” ырлардын баары эле сыдыргыга салгандай тегиз эмес экенин, көркөмдүк жактан аксаган алешем ырлар да аралаш экенин, чоң акынга окурмандар тарабынан да өзгөчө чоң талап болоорун эскерте кеткенибиз эп болор. Муну Тургун Жума өзү да алдын ала туюп, сезип “Кечир мени, өрүкзар” деген ырында “Төрт китебим төрт тыйынга арзыбайт” деп атпайбы.

“Ырчы мөл булагыңдын” ыры миңдеген окурмандардын жүрөгүндө шылдырап ырдалып турсун, Тургун досум.

*Т.Жумаевдин “Ырчы мөл булак” (Бишкек, Бийиктик, 2014) китебинен алынды.*



*Аскаралы Ражабалиев –*
*жазуучу, журналист.*

## Махабат - ышкы жарчысы

Бир мөлтүр булак бар Баткендин тоо этегинде, жайыкышы соолубай, жылаажын үнүн шылдыратып, кайнап сызып, чоң дарыяга кошулууга ашыга ылдыйга аккан. Бир акын бар Баткенде, көмөкөйүнөн ыр агып, окугандын моокумун кандырган ыр жазып, поэзия дарыясына кошулууга ашыккан. Ал акын Тургун Жума. Тургун Жума бөтөнчө махабат күүсүн чертүүдө аты чыгып, өзүнө ийип келет эчен жүрөктөрдү. Оболу бир ыр окуңуз, анан сөздү улайлы

*«Фараондун карындашын жактырбай,*
*Алда качан Ак Сарайдан качыкмын.*
*Нил боюнда жыланаяк чоңойгон,*
*Балыкчынын бир кызына ашыкмын.*
*Мен бактылуу колум сунсам, кол сунду,*
*Сүйгөн жандын арзуусуна татыпмын.*
*Кумдуу жээкте кол кармашып жүрөбүз,*
*Оо, Жараткан, чоң сыйыңа арзыпмын!»*

Азиз окурман! Сиз жогоруда окуган байыркы Египеттик аты-жөнү белгисиз акындын ташка жазып калтырган махабат ышкысына жык толгон ырын окудуңуз. Эми Египет прамидалары менен жашы тең акын бабанын бүгүнкү урпагы, акын Тургун Жуманын махабат күүсүн черткен ырын окуңуз:

*Көздү кара! Уялыңкы моймолжуйт,*
*Мөлтүрүндөй майда жааган ак жаандын.*
*Желди уялтып, желге аста таранган,*
*Чачты кара жылтырындай калтардын.*

*Тулку боюң - эркин өскөн эликтей!*
*Кашты кара кетигиндей таңкы Айдын!*
*Аппак, кызыл, пушту жана кырмызы,*
*Көйнөктөрүң куп келгенин айтпагын!*

(«Таңдануу ыры»)

Жогорудагы эки ырдын жазылуу убактысы дээрлик кырк кылым - төрт миң жыл! Бирок, бирок.... эки ыр тең бир күндө

же бир түндө, бир мерзимде жазылгандай, эки ыр жазылган кырк кылымдык узак-узак аралык бир көз ирмемге татыбагандай таасир калтырат!

Махабаттын түбөлүктүүлүгү - эки жүрөктү ойготкон пенделик ички сезимдердин вулканындай атылып чыгып, анан ал акындын ыр сабына сиңип, кылымдарга жашап калышында. Мындан келди, чыныгы махабатты даңазалаган ыр убакыт чаңында калбайт, улут тандабайт. Анткени, ал жүрөктөн чыгып, жүрөккө жетет.

Тургун Жума жүрөктөргө жол тапкан махабат ырлары менен Баткен облусунун гана эмес, жалпы кыргыз окурмандарына ысымы таанылып калган акын. Анын оттуу ырлары республикалык гезит-журналдарга байма-бай жарыяланып келет.

Акындын бул тандалма жыйнагы буга чейин жарык көргөн үч поэтикалык китептеринен иргелип алынып, ошол китептердин аталыштары менен «Кумар көз», «Сен бар үчүн», «О, сүйүү!» жана «Жаңы ырлар» аттуу төрт бөлүмдөн турат. Тандалма жыйнакка киргизилген ырлар окурманды кайдыгер калтырбаган сыйкырдуу касиетке ээ. Анткени, Тургунбай пенденин ашыглык туйгу-сезимин кыяк кылына салгандай сыбызгытып, ашык жандардын ички толгонуулары менен купуя сырларын окурманына чыпчыргасын коротпой айтып бере алган кудуретке эгедер акын. Эки адамдын ортосундагы улуу да, купуя да сүйүү сыры өздөрүнөн башка бир Жаратканга гана дайын. О, жок! Ал сырды билген төртүнчү бирөө бар... Ал, албетте акын. Бирок, акын аттуулардын баары эле махабат купуясын ийине жеткире ыр саптарына сиңире албайт. Анткени, махабат темасында жазуу машакат да, тозок да. Дегеним, башкалардын жан дүйнөсүн ултаруу үчүн анын көкүрөк уясына баш бага билүү... Тургунбай ашык жандардын көкүрөк уяларына баш багып, үңүлүүгө жол таап алган бактылуу акындардын сабында. Антпесе, окуган адамдын сезим кылдарын кыяк кылындай сыздатып, комуз кылындай эргитип-толкута алаар беле! Буга мисал, төмөнкү саптарын окуңуз:

*Айжаркын ай, Айжаркын ай, Айжаркын,*
*Ачыктыгың, шайырлыгың таң калтты.*
*Айлам катты, а жүрөктүн жарасын,*
*Тынч койбостон ырбаттың да, ырбаттың!*

(«Сезим тамчылары түрмөгүнөн»)

Окурманым! Колуңуздагы китеп махабат шириндигине, лаззатына, ышкы отуна шыкалган ырларга толгонун суктануу менен айта алам. Тургунбайды кыргыз поэзиясында махабат темасында өз бийиктиктерин жаратышкан Алыкул, Сүйүнбай, Омор, Жолондордун жолун жолдогон жолдуу акын десем жаңылбаймын! Акын махабаттын улуулугу адам уңгусунда деп кабыл алат. Пенденин уңгу-өзөгүнөн өнүп чыккан ыйык сезим, мээрим деп түшүнөт. Эгер адам өмүрү, жашоосу жалаң махабат маңызына көөлөнсө (талканды сары майга көөлөгөндөй!), бу дүйнөдө арамдыкка, мерездикке, бузукулукка жол жок болот эле деген таза ишенимде. Шон үчүн махабат темасында жазган ырлары жугумдуу да, ширелүү. Акын «Жашоо» аттуу алгачкы ырларынын биринде эле махабат темасынын тамырын кармай алгандыгына күбө болобуз.

*Күлкүбүзгө күлкүбүз окшошпосо,*
*А сүйүүбүз алоолоп от болбосо,*
*Бул жашообуз каяктан жашоо болсун,*
*Эки жүрөк бир-бирин жоктошпосо.*

Ооба! Акын адегенден эле сүйүшкөн жандардын жүрөк кагыштарын даана уга алган. Махабат ышкысы эки жүрөктүн эргүүсүнүн «дүк-дүгү» да, бири-бирине магниттей тартылуусунун ширин-ширин арзуусу Махабаттын алоо да улуу отуна жылынып көрбөгөн көрпенделер гана төмөнкү ыр саптарынын ысык табына жылыныша албайт:

*Сөзүң ширин, ууртуңдагы жылмаюу,*
*Жашыргансыйт не сыр барын түпкүргө.*
*Өзүң ширин, шириндигиң кыя албай,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт дүнүйөм.*

*Сен бар үчүн кыялдарым тазарып,*
*Бир сени деп бүт жан дүйнөм мүшкүлдө.*
*Сен бар үчүн улам артып кызыгы,*
*Дүрт өрттөнүп кетпей жүрөт бу дүйнө!*

(«Сен бар үчүн» ырынан»)

Жараткан Адам Атабыз менен Обо Энебиздин жүрөктөрүнө махабат ышкысынын балын куйгандан бери аял менен эркектин сүйүүсүнөн бүткөн адам тукуму укумдан тукумга ышкы отун мураска калтырып келет. Адам Атабыздын

урпактарын жашоого кумарланткан ошол улуу сезим-туйгуга шыктанып, акындар журту ажайып ыр саптарын жазып келет. Ушул ыйык салтты татыктуу улантуу шыбагасы маңдайына жазылган инибиз Тургун Жума тандап алган жолунан кылчалык кыйшайып койбой, өзү тапкан из менен кыргыз поэзиясынан өз ордун таба алды десем ашыктык кылбас. Махабат булагынын кашка суусунан лазаттана шимире суусунун кандырып, махабат темасын танбай келет маңги! Ашыгына купуя койнун ачкан аруу сымал, махабат деген улуу сезим-кенч да Тургунбайга купуя койнун ачып берген. Мына ал сырдын бири:

*Сенде бар, сенин аруу келбетиңде,*
*Бир жыт бар башкаларга сезилбеген.*
*Бир ыр бар башка жандар ырдай элек,*
*Бир күү бар сен башкага черттирбеген.*

Ооба, ашык жандын жытын ашык жан гана билет, ашык жандын эч ким укпаган ырын ашык жан гана угат, ашык жандын жүрөгүнөн чыккан күү купуясын ашык жан гана угуп, туят. Таланттуу акындардын поэтикалык касиети, күчү дал ушунда! Төмөнкү саптар не керемет:

*Сүйүүбүзгө албайлы чаң жуктуруп,*
*Мукам үндү муунтуп, тумчуктуруп.*
*Ыйык сырды сактай жүр ыйык бойдон,*
*Керек болсо гөрдөн дагы ыргып туруп!*

(«Ыйык сырды сактай жүр»)

Ыр эмес бекен, сезимиңе дүрт эттире от койгон! Махабат эки жанга гана таандык, эки жүрөктү гана толкуткан купуя сыр экенин, башкаларга бул купуяны билүү буюрбаганын акын көркөмдүктө таамай айта алган.

Адам өмүрүн шөкүлөлөп, жашоого кызыгын арттырган махабат колго конгон ак куш сымал. Ашык жандар анын кадырына жетип, сактай билбесе, алакандан кайра кайтпас болуп учуп кеткен куштай андан түбөлүк айрылаарыңды ырга салып жатпайбы сезгич акын.

Тургун Жума Чыгыштын да, Батыштын да улуу акындарынын ыр булактарынан суусунун кандыра алган. Сүйүүнүн улуулугу менен тереңдигин эргип ырдоо менен, адамдын түпкү сезим-туйгусуна үңүлүп, дүйнөнүн туткасы да ажары болгон аялзаада гана махабат ышкыны жаратаарын

улуу акын аталарынын таберик ырларынан кабылдаган. Чыгыштын улуу Хафиз, Саади, Омар Хаем, Фирдавсий, Низами, Абай, Барпы, Алыкул сыяктуу ыйык поэзия чеберлеринин ааламдарына сүңгүп, алардан жугумдуу таалим ала билгенин да анын татына ырларынан баамдайбыз. Окурманды улам эргитип, толкутуп отурган мындай асылзаада саптар китепте жыш учурап, жыйнактын окумалдуулугун арттырып, акындын талантына баш ийүүгө мажбур этет.

*Жомоктогу пери болуп ай тунук,*
*Назы менен, сазы менен жүдөттү.*
*Көздөн кетпей кызгалдактай өрт элес,*
*Нак толтосун ээлеп алды жүрөктүн!*

(«Сүйүүнүн келиши»)

*Күүгүмдө, жийде жыттуу кеч күүгүмдө,*
*Ак көйнөкчөн албырып, ак куу сымал,*
*Жүрөгүмө жазды ала кирип келдиң,*
*Келгениң өзү жеткен бакыт тура.*

(«Көзүндө кетти бир элес»)

*Сен баскан ар бир жолдун карышына,*
*Жамгырдай гүл өндүрүп төгүлгүм бар.*
*Чачымды бубак баскан шу кыямда,*
*Мойнуңа маржан болуп өрүлгүм бар.*

(«Мойнуңа маржан болуп өрүлгүм бар»)

Ошондой эле, ышкы-кумар саптарынын устаты болуп калган акындын жаңы ырлары да аркандай чың эшилип, махабат океанынын чексиз кеңдигине кучак жазып, тереңине үңүлүп, бийигине канат керип баратканын татына жаңы ырларын окуганда күбө болосуң. Дал ушу жаңы ырларында акын андан ары тереңдеп, махабат темасын майын чыгара жазып эле калбастан, ой баккан акын экендигин да даңазалай алыптыр.

Тургунбай жаңы төрөлгөн бөбөк тууралу мындай саптарды жаратыптыр:

*«Муштумуңа мыкчып тапкан дүйнөңдү,*
*Издегениң - энең, эмчек, аппак сүт.*
*Тыбырчылап жерди жара үн салып,*
*«Меники! - деп, - жайнап жаткан аалам бүт!»*

Философиялык ой уюган мындай саптар жаңы ырларында жыш. Көрөңгөсү бийик, поэзия майданынан өз ордуна ээ болуп алган Тургун Жуманын бул тандамал жыйнагы поэзия сүйүүчүлөргө тартууланган өрүк ширесиндей шипширин сый-белек болуптур. Акыркы мезгилдерде махабат темасы менен гана алпурушпай, адамдын миң кыры менен миң сырын ачкан татына ырларды жазууга ыктай баштаганы өгеле кубандырат. Бул жагынан да анын жүзүм шиңгил жакшына ырларды окурмандарына тартуу эте алаарына ишнебиз.

Кана эми, эпикалык кеңдиктеги ырларды жазып, поэзия сүйүүчүлөрдү толкутуп, ойлонтуп-толгонсо! Арийне, тандалма жыйнактын ичинде азыраак болсо да, түрдүү темадагы ырлар жолугат. А, биз анын поэзиядагы көрөңгө-бутасы болгон махабат айылындагы колго киргизген ийгиликтери тууралу гана сөз кылдык. Калганын окурмандарга коелу. Тургун Жуманын бул тандамал жыйнагы поэзия сүйүүчүлөргө тартууланган өрүк ширесиндей шипширин сый-белек болуптур деп дагы бир жолу айтмакчымын. Даам татып жүрүңүз поэзия шириндигинен.

*Т.Жумаевдин "Ырчы мөл булак"*
*(Бишкек, Бийиктик, 2014) ырлар*
*жыйнагынан алынды.*



*А.Кадыров – БатМУнун доценти, тарых илимдеринин кандидаты.*

## Мен билген Жумаев

### (Педагогикалык бейнесине сүртүмдөр)

Ар бир инсан өз өмүрүнүн алгачкы мезгилдеринде келечекте эмнелерге жетишип, эмнелерди жасаары жөнүндө кыялданса, өмүрүнүн туу белинен ашкандан кийин: «Мен эмнелерди жасап, эмнелерге жетише алдым?» - деп, өзүнө-өзү эсеп берип, өмүрүнүн жана ишмердүүлүгүнүн урунттуу учурларын дайыма эскерет эмеспи.

Мына ушул өңүттөн алып караганда 60 жашты аркалаган Т.Жумаевдин 40 жылдык педагогикалык ишмердүүлүгүнө working саресеп салып олтуруп, анын жеке инсандык сапаттарына, бүткүл өмүрүн арнаган педагогикалык ишмердүүлүгүнүн айрым өзгөчөлүктөрүнө токтолууну туура таптым. Анткени Т.Жумаевдин өмүрүнүн үчтөн эки бөлүгү жалаң гана педагогикалык ишмердүүлүккө арналса, ал мезгилдерде мен да аны менен кээде бирге, кээде башка, бирок бир системада иштөө менен үзөңгүлөш келе жатамын. Ал алгачкы устаттарымдын бири катары менин да педагогикалык ишмердүүлүгүмдүн калыптанышына белгилүү деңгээлде салым кошкон. Ошондуктан, мен шакирти катары жана бирге иштөө менен, аны жакшы билгендердин бири катары да анын ишмердүлүгүнүн айрым өзгөчөлүктөрүнө баа берүүгө бел байладым.

1980-жылы мен алгач райондук билим берүү бөлүмүнө кызматкер катары келген учурумда, ал менден жаш курагы боюнча эч канча айырмасы болбосо да, райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы инспектору катары бир топ иштерди жөнгө салып, уюштуруучулук иштери менен таанылып, бир канча маселелерди чечип турган учуру экен. Анткени, ал мектепте иштеген алгачкы үч жылдын ичинде эле өзүнүн ишмердүүлүгү жана билими боюнча башкалардан айрыкча өзгөчөлөнүп, райондук жетекчилердин назарына илинип, андан райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчу кызматына чакырылган.

Мындагы эки жылдын аралыгында ал кездеги райондогу атактуу педагогдордун, усулчулардын бири раматылык Сапарали Амиралиевдин тарбиясын алып, анын мектебинен өтүп, такшалып, андан мектептер боюнча башкы инспекторлук кызматка которулган.

Мен ал мезгилде өзүм иштеген бир гана мектептин деңгээлинен араң чыгып, райондук деңгээлдеги маселелерге ой жүгүртүүгө да чамам жетпей турган учур болчу. Ал кезде райондук билим берүү бөлүмү тарабынан мектептердин, билим берүү мекемелеринин жетекчилерине талап катуу коюлар эле. Райондук билим берүү бөлүмүнүн кеңештеринде мектеп жетекчилеринин билдирүүсү угулуп, алардын ишмердүүлүгүнө айкын, адилет баа берилип, жетекчинин, мектеп жамааттарынын милдеттери жана аны аткаруу мөөнөттөрү так көрсөтүлөөр эле. Раматылык Сапарали Амиралиев ар бир аткарууга алынган маселеге тиешелүү нормативдик документтердин аталышы, датасы, номери, кайсы басылманын канчанчы бетине чыккандыгы жөнүндө жатка айтып, мектеп жетекчилеринен да ошону талап кылчу. Ал эми Т.Жумаев аны жергиликтүү шартка ылайыктап, ирети менен кандайча аткаруу керектигин айтып, мектептердин шартына карап ыңгайлаштырып, жөнөкөйлөтүп түшүндүрүп берчү.

Мен жана мага окшогон жаш адистер мектептерге барган учурда өзүн кандай алып жүрүү керектигин, алгач ар бир мугалимдин сабактарына катышууну жана ага анализ берүүнү, окуучулардын билим сапатын текшерүүнү жана баалоону, кандай документтерди кимден кантип сурап, кантип баа берип, аны кантип түшүндүрүп, жалпы педагогикалык жамааттын алдында кантип айтып, ал эми билдирүүлөргө кантип жазуу керектигин, ар бир мугалимдин жана жалпы педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүн баалоонун критерийлерин С.Амиралиев, Т.Жумаевдер бизге саймедиреп түшүндүрүп, кийин мектептерге барган учурларда кантип жатканыбызды көзөмөлдөп, багыт берип, үйрөтүп турчу. Ошондуктан, биз, мен жана мага окшогон райондук билим берүү бөлүмүнүн бир топ адистери ар бир мугалимдин сабак өтүүдөгү усулдарын, педагогикалык ишмердүүлүгүн, окуучулардын билим сапаттарын, жалпы мектеп ишин баалоонун критерийлерин

алгач өзүбүз үйрөнүп, андан башкаларга үйрөтүп, бир топ такшалдык. Кийин алардын көпчүлүгү тажрыйбалуу мектеп жетекчилери болду, кээ бирлери башка жетекчилик кызматтарды аркалады.

Жыл жыйынтыгында жалпы райондогу мектеп жана билим берүү мекемелеринин жалпыга милдеттүү окууну уюштуруу, материалдык база, финансы жана кадр маселелери боюнча анализдерин жана жыйынтыктарын чыгарып, жетишкендиктерин белгилеп, кемчиликтеринин обьективдүү жана субьективдүү себептерип талдап, милдеттерин аныктап, жыйынтык чыгарууну мен көбүрөөк Т.Жумаевден үйрөндүм жана ал тажрыйбанын пайдасын кийинки ишмердүүлүгүмдө да көп көрдүм.

Билим берүү бөлүмү райондогу ири мекемелердин бири болуп, андагы билим берүү мекемелеринде 20 миңден ашуун балдар окуп, 1500 мугалимдер жана тарбиячылар эмгектенчү. Ошондуктан, мында ченемдик, укуктук, статистикалык ж.б. отчеттор, билдирүүлөр, айтор иш кагаздары аябагандай көп болчу. Иш кагаздары расмий жана мамлекеттик тилде жүргүзүлүп, ал өтө тактыкты жана жоопкерчиликти талап кылчу. Мында да Т.Жумаевдин тажрыйбасы мол болчу.

Бул тажрыйбаларды Тургунбай Жумаев райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылары бирин улай бири иштеген Аттокур Нуруев, Сүйүнбай Мамадиев, Раат Абдиева менен бирге райондук билим берүү бөлүмүнүн аппаратында бирге иштешкен учурларында үйрөнүп, алардын таалим-тарбиясын алып,такшалгандыгын көп айтат.

"Жаңы ишке келген учурумда мени райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы раматылык Аттокур Нуруев чакырып алып, 7-ноябрь - майрам жана дем алуу болуп калгандыгына карабастан, Фрунзе шаарына барып келүүмдү сунуштады. Мага билим берүү министрлигине тапшырылуучу пакеттерди бергенден кийин, сапар кызматына тиешелүү акчадан сырткары өз чөнтөгүнөн эки даана 25 рубльдик купюраны берип жатып, "Бул акчага бемалалыраак чай-пай ичкин. Бирок дайыма эсиңде болсун, эч качан мындай акчага бир нерсе сатып алып, үйүңө алып барбагын, балдарыңды айлыгыңа таза баккын" - деп эскерткен болчу. Бул сөз өзүнүн жеке турмушунда жана кийинки кызматтык учурларында да дайыма

эсинде болуп жүргөндүгүн билдирет өз турмушунан кеп салып жатып.

Тургунбай Жумаев райондук усулкананын башчысы катары алдыңкы иш тажрыйбаларды үйрөнүү жана жайылтуу боюнча райондо бир топ практикалык иш чараларды өткөрүп, өзүнүн дасыккан адис экендигин айгинелей алды. Айрыкча, мектептерде семинарларды өткөрүүдө эмгек жамааттарынын, мугалимдердин алгылыктуу жактарын башкаларга үйрөтүүдө "Миң жолу уккандан, бир жолу көргөн артык" экендигине маани берип, ал демилге башка эмгек жамааттарынын колдоосун тапты.

Кийин Тургунбай Жумаев да райондук билим берүү бөлүмүндөгү калыптанган эреже боюнча райондогу таяныч мектептердин бири болгон М.Салихов атындагы орто мектепке директор катары жөнөтүлдү. Бул бир жагынан кадрларды такшалтуу, тажрыйбаны айкалыштыруу болсо, экинчиден, мектептерди жаңы жетекчилер менен толуктоо болчу.

Тургунбай Жумаев да райондук билим берүү бөлүмүндө топтогон көп жылдык тажрыйбасын өзү жетектеген мектепте өзүнүн иш ыкмасы, өзүнүн чыгармачылыгы, өзүнүн жөндөмдүүлүгү менен ишке ашыра баштады. Бирок, олуттуу өзгөртүүгө тийиш болгон материалдык, финансылык, кадрдык, окуучулардын билим сапатына, мугалимдердин иштөө шартына тиешелүү маселелер арбын болчу.

1990-жылдары Тургунбай Жумаев мектепте директор болуп иштөө менен өзүнүн жаңычыл, заманбап идеяларын турмушка ашырууга бел байлады. Педагогикалык жамааттагы ар кандай иштиктүү идеялар колдоого алынып, алардын иштөөсү үчүн тийиштүү шарттар жаралды. Натыйжада, чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин тобу пайда болуп, алардын катары барган сайын көбөйө берди. Мектептеги алдыңкы мугалимдердин бири, математик Калилов Абдраимдин иш тажрыйбасы жалпыланып, райондук, облустук деңгээлге жайылтылды, бир канча көрсөтмөлүү семинарлар өткөрүлдү. Алардын жыйынтыгы менен ал «Кыргыз Республикасынын мектептерине эмгек сиңирген мугалим» ардактуу наамына ээ болду. Мындай ардактуу наамга А.Калилов ошол кездеги райондогу мугалимдердин

арасынан биринчилерден ээ болду. Аны менен кошо бир топ мугалимдер «Кыргыз Республикасынын билим беруусунун мыктысы» төш белгисине ж.б. сыйлыктарга ээ болушту. Алардын катарына А.Абдрахманов, Ү.Бабаев, Р.Мавлянова, А.Боронова, А.Даабеков, И.Жусупов, А.Жолдубаев, М.Адылов, З.Беркутова А.Маматов, М.Шерматова ж.б. кошууга болот.

Окутуунун ошол кездеги ыкмасы менен иштөө өзүнүн оң натыйжасын бере бербестигине көзү жеткен Т.Жумаев райондо биринчилерден болуп гимназия мектептерин түзүү идеясын көтөрүп чыгып, өзү мектепте гимназияга өтүү багытындагы сынамык аянтчасын уюштурду. Анын негизинде гимназия мектеби ачылып, кийин ал өзүнчө мектеп болуп, мурдагы эски мектептин имаратына көчүрүлдү. Самаркандек аймагындагы ынтызарлуу балдар окуган бул гимназия-жатак-мектебинин окуу-материалдык базасы бир топ чыңдалды.

Жумаев жана мугалимдердин демилгелүү тобу үчүн маданий-техникалык борборлордон алыс турган Самаркандекте окутуунун жаңы формасы болгон гимназияны ачуу, түптөө жана уюштуруу оңойго турган жок. Ал бул иште Осмонов Жолдош, Өмүрзаков Мурзакмат, Адылов Мажит, Токтошов Гапар, Акматов Ракматбай, Жамалов Авазбек, Бурханова Бүүлаз жана Абдисаламова Сабиринса сыяктуу көп жылдык педагогикалык тажрыйбасы бар агай-эжейлердин кеп-кеңештерин укту, алгылыктууларын пайдаланды. Мусурманов Гапар, Зайитов Абдилазиз, Пирматов Абдилазиз, Жусупов Илияз, Абдухамидова Батма сыяктуу жаш мугалимдердин жаштык жигерине ишенди. Жаш мугалимдер анын демине дем, кайратына кайрат кошушту. Ошентип, 1991-жылы сынамык аянтчадан башталган демилге улам колдоого ээ болуп олтуруп, азыркы С.Кожобаева атындагы Самаркандек гимназия-жатак-мектебинин деңгээлине жетти. Азыркы учурда өзү бул жамаатта иштебесе дагы, алар менен дайыма санаалаш, пикирдеш болуп жакын байланышта.

2014-жылы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Самаркандек гимназия-жатак-мектебинин бүтүрүүчүсүнүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Алтын сертификатына ээ болушу өлкөнүн түштүк-батыш аймагындагы алгачкы ийгилик болуп саналат жана бул көрсөткүч мындагы окуучулардын билим сапатынын бир топ

жогору экендигинин күбөсү. Аталган гимназиянын окуучулары республикалык олимпиададагы байгелүү орундарды ээлеп келиши, бүтүрүүчүлөрдүн 4 илимдин кандидаты болушу, көпчүлүгү эл аралык уюмдарда, чет мамлекеттерде жана республикалык деңгээлде таанылып иштеп жатышы гимназиянын жалпы педагогикалык жамаатынын ийгиликтеринин сабында. Мындай ийгиликтер Т.Жумаев баштаган гимназиялык окутуунун алгачкы саамалыктары же ал олтургузган көчөттөрдүн алгачкы мөмөсү. Ал эми убакыт өткөн сайын ал көчөттөр жетилип, алп дарактарга айланып, дагы канчалаган түшүм берерин мезгил көрсөтөр.

Анын мүнөзүндөгү өжөрлүккө, тандап алган максатынан кайра тартпаган көктүгүнө тан бербесе болбойт. Мындай дегеним дагы ушул гимназияны уюштуруудагы ички дагы, тышкы дагы каршылыктарга туруштук берип, жетекчилерге болобу, мугалимдерге болобу, ата-энелерге болобу жалаң түшүндүрүү жана ынандыруу жолу менен максатын ишке ашырып, арканды алыс таштап максаттын бел-белесин карай аракет кылып олтургандыгынан, ошентип жалпы элди, жалпы педагогикалык жамаатты бир идеяга бириктиргендигинде.

Дагы бир мисал, 1993-жылы сынамык аянтча үчүнчү жылы иштей баштаганда мугалимдердин райондук кеңешмесинде райондук деңгээлдеги аттуу-баштуу бир жетекчи "Гимназия райондун борборунда эмес, неге алыскы бир кыштакта уюштурулуш керек? Бул ишти баткенде башташ керек, " – деп чыкпадыбы.

Анан 1994-жылы сынамык аянчадан гимназия мектебине өтүү этабы келгенде, райондук жетекчилер каражат жетпестигин билдирип, 1-сентябрда гимназия ачылбай калды. Мында да көңүлү чөгүп отуруп калбай, райондук билим берүү, каржы бөлүмдөрүнүн башчыларына. акимге бир нече жолу кирип, облустук каржы башкармалыгына да барып, тиешелүү жетекчилерге түшүндүрүп, аларды ынандырып жатып максатына жеткен. Ошентип, гимназия ноябрь айында ачылган.

1995-жылы райондук акимчиликте каржынын тартыштыгынан гимназияны жабуу жөнүндө сөз жүрүп калды. Анда мен райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы элем. Аким Д.Бердиев экөөбүз гимназияга бардык. Аким каржы

тартыштыгынан гимназияны кийинки окуу жылынан жабуу жөнүндө сөз баштаганда, Т. Жумаев “Андай болсо гимназиядан көрө мени жоюңуздар. Мен бир кишимин. А гимназияда бүтүндөй бир аймактын, кала берсе Тажикстандагы бир нече аймактын кыргыз жарандарынын балдары окуйт,” – деп көгөрүп туруп берди. Жетекчинин ишти алып кетүүгө дилгирлигин, кашкөйлүгүн байкаган аким эртеси бизди чакырып, гимназияны бутуна тургузуу үчүн кандай жардам керектигин бирге пландаштырганбыз.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында өлкөдө орун алган экономикалык кризистин залакасы Т.Жумаевди да кыйгап өтпөй койгон жок. Көпчүлүк адамдардай эле анын жубайы Нартажи да базарга соода кылууга чыкты. Дем алуу күнү ага жардам берүүгө Т.Жумаев да барып жүрдү.

Т.Жумаев ал күндөрдү эскерип, «Кайсы жерде жүрсөм да мен окуткан балдар “Саламатсызбы агай,” - деп салам айтып, учурашуудан тажабады. Мектеп менен күндөлүк турмуштун айырмачылыгынын маанисин мен ошондо аңдап, түшүндүм жана анын таасиринде төмөнкүдөй:

“Балдар – менин бар байлыгым, мол бактым,
Балдар менен өткөн өмүр – гүл өмүр.
«Саламатпы, агай!» деген сөз үчүн,
Мен мектептен кетким келбейт бир өмүр, – деген ыр саптары пайда болду,” - дейт биз менен болгон маектешүүсүндө. Бул “Мен жана бакырaң көз балдар” деген орто жаштан өтүп калган көпчүлүк мугалимдердин жаттап, айтып жүргөн ырына айланып кеткендигин баарыбыз билебиз.

Мына ушундан кийин Т.Жумаевдин күнүмдүк жеңил акчага азгырылып, мектепти таштап кетүүгө болгон ою кескин өзгөрдү. Анын бүткүл турмушу мектеп менен, балдар менен болоорун, ошондо гана анын көкөйүнүн көксөөсү канып, көөдөнүндөгү кусалыктан арылып турарын жон териси менен сезип, туйду.

Райондук жетекчилик Т.Жумаевди жетекчилик кызматтарга сунуштады, бирок ал ага макул болгон жок. Анын себебин мен чай үстүндө баарлашып олтурганда сураганымда, “ Бул менин мамлекеттик мекеме-уюмдарга жетекчи болуу, акча бөлүштүрүү кызматынан биротоло баш тарткандыгым” – деп кыйытып жооп берди. Кызы, гимназияда

иштеген мезгилинде мамлекеттик текшерүү уюмдары кылдан кыйкым таап, тажатса керек. Экинчиден, чыгармачыл инсандын назик ой-кыялы, аруу жан дүйнөсү буйрукчул, тажатма бюрократия менен тил табыша албасы айдан ачык эмеспи.

2001-жылдын мартында Тургунбай Жумаевди Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагалыгына шайлашты. Ал ар кайсы мекемелерде иштеген жылдарын эстеп олтуруп "Өмүрүмдө бир да кызматка арыз жазып келгеним жок, бул кызматка чейин баары которуу жолу менен болуп келди, эми шайлоо жолу менен," - дейт райондун аймагында кырк жыл бою билим берүү тармагында гана иштегендигин эстей. Бул иште да берилип, чын дилден аракеттенип иштеди. Ушул кийинки 15 жыл ичинде ал облуска жана республикага талантын таптай билген акын жана кызматкерлердин укугун коргоого астейдил кызмат кылган кесиптик бирлик активисти катары таанылды.

Тургунбай Жумаевди Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагалыгына үч ирет удаасы менен шайлашты. Себеби, Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитети баштапкы уюмдардын күжүрмөндүүлүгүн арттыруу, кызматкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо баштапкы уюмдардын төрагаларынын коомдук тапшырмага болгон жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча системалуу иш алып барууда.

Бул мезгил аралыгында Тургунбай Жумаев айыл аймактарынын, мектептердин жана кесиптик бирлик уюмдарынын ортосундагы үч тараптуу жана мектептер менен профсоюз уюмдарынын ортосундагы жамааттык келишимдерди түзүү жана аларды жүзөгө ашыруу боюнча бир канча жумуштарды аткарып, бул маселе жогорудагы уюмдардын ортосунда туруктуу иш ыргагына айланды. Акыркы жылдарда «Мыкты социалдык өнөктөш - айыл аймагы», «Мыкты социалдык өнөктөш - мектеп», «Мыкты социалдык өнөктөш – кесиптик бирлик уюму» номинациялары боюнча кароо-сынактар өткөрүлүп, анын жыйынтыгында жеңүүчүлөр акимчиликтин жана райондук комитеттин дипломдору жана акчалай сыйлыктары менен сыйланышууда.

Атын атаса куту сүйүнөт, а сыйлык демилгеге демилге, демге дем кошот эмеспи.

Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин райондук комитети Тургунбай Жумаевдин жетекчилиги астында баштапкы кесиптик бирлик уюмдарына маданий-массалык иштерди уюштуруу, материалдык жардам көрсөтүү, эс алууну уюштуруу жана ден соолуктарын чыңдоо боюнча бараандуу, иштиктүү аракеттерди көрсөтүп жатат. Мисалы, 2012-жылы маданий-масалык иштерди уюштуруу үчүн 564 576 сом, материалдык жардам үчүн 217 813 сом жумшалган. Ысык-Көл, Сары-Челек, Арстанбап, Кара-Шоро, Кара-Кой сыяктуу эс алуучу жайларда эс алууну уюштуруу, ден соолукту чыңдоочу санаторияларга жөнөтүүнүн саны бир топ өскөн. 2013-жылы жалпы 2164 кесиптик бирлик мүчөсүнүн 1127си жайкы эс алууга тартылган, ал эми жамааттык 1-3 күндүк эс алууларга 1033 киши тартылган.

Тургунбай Жумаевдин «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы» төш белгиси, КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин "Кесиптик бирлик кыймылынын мыктысы", "2005-жылдын мырзасы", "Баткен районунун ардактуу атуулу" наамдарына ээ болуусу анын көп жылдык үзүрлүү эмгектеринин натыйжасы.

Тургунбай Жумаев 60 жашты аркалап, 40 жылын билим берүү тармагына жумшады, анын эмгеги али толук бааланбаса да, али бул багытта аткара турган, эл-жерине бере турган, жаштарга калтыра турган асыл баалуу мурастары али алдыда. Алтымыш жылдык кутман курак кут болсун, ден соолук чың болсун, узак жашоо, үй-бүлөлүк бакыт, чыгармачылык ийгилик каалайбыз.

*"Кызыл туу" гезитинин 2014-жылдын*
*10-сентябрындагы № 30-31-сандарынан*
*алынды.*

## ЖУМАЕВ ТУРГУНБАЙДЫН ӨМҮРҮНҮН ЖАНА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УРУНТТУУ УЧУРЛАРЫ

### I. Өмүрү, ишмердүүлүгү

**1954-жыл, 1-январь** – Тажикстандын Канибадам районуна караштуу Каракчы-Кум айыл кеңешиндеги Жийдели кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

**1960-жыл, 1-сентябрь** – Кыргызстандын Баткен районундагы Көк-Таш (Гөйстам) кыштагындагы А.С.Макаренко атындагы башталгыч мектептин биринчи классына окууга кирген.

**1964-жыл, 1-сентябрь** – Баткен районундагы Говсувар кыштагындагы Ю.А.Гагарин атындагы орто мектептин 5-классына которулган.

**1965-жыл, 1-сентябрь** – Тажикстандын Шураб шаарындагы Я.М.Свердлов атындагы №11 кыргыз орто мектебине которулуп окуп жүрүп, 170-жылы жалпы орто билимге ээ болгон.

**1770-жыл, 1-сентябрь** – Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине окууга өтүп, аны 1974-жылы кыргыз тил, адабият мугалими адистигине ээ болуу менен бүтүргөн.

**1974-жыл, 16-август** – Баткен районундагы Говсувар кыштагындагы Ю.А.Гагарин атындагы орто мектептин кыргыз тил, адабият мугалими болуп дайындалган.

**1977-жыл, 18-апрель** – Баткен райондук билим берүү бөлүмүнө райондук усулкананын усулчусу болуп которулган.

**1979-жыл, 6-август** – Баткен райондук билим берүү бөлүмүнүн мектептер боюнча тескөөчүсү болуп которулган.

**1982-жыл, 22-сентябрь** – Баткен райондук билим берүү бөлүмүнүн усулканасынын башчысы болуп которулган.

**1985-жыл, 18-апрель** – Баткен районунун Самаркандек кыштагындагы Мурат Салихов атындагы орто мектепке директорлукка которуу иретинде дайындалган.

**1994-жыл, 22-сентябрь** – Самаркандек жалпы билим берүүчү гимназия мектебине директорлукка которуу иретинде дайындалган.

**1997-жыл, 7-октябрь** – Директорлуктан өз арызынын негизинде бошотулуп, Мурат Салихов атындагы орто мектепке которуу иретинде кыргыз тил, адабият мугалими болуп дайындалган.

**2000-жыл, 8-февраль** – Баткен райондук билим берүү бөлүмүнүн тажрыйба жайылтуу борборунун башчысы болуп которуу иретинде дайындалган.

**2000-жыл, 2-май** – Баткен райондук билим берүү жана маданият бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп которулган.

**2001-жыл, 6-март** – Билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен райондук комитетинин төрагасы болуп шайланган.

## II. Жарык көргөн китептери

### Ырлар жыйнактары

1. «Кумар кңз», ырлар, 2002-жыл, Баткен, 2,25 басма табак.
2. «Сен бар щчщн», ырлар, 2004-жыл, Бишкек, «Бийиктик» басмасы, 5 басма табак.
3. «Оо, сүйүү», ырлар, 2009-жыл, Ош, 2,70 басма табак.
4. «Лира», ырлар, 2013-жыл, Ош, 2 басма табак (Өзбек тилине которгон Г.Холматова).
5. "Ырчы мөл булак" , 2014-жыл, Бишкек, «Бийиктик» басмасы, 15,5 басма табак.

### Публицистикалык жыйнактары

1. «Байыркы бабалар жеринде», (М.Орозбаев менен авторлош) 2004-жыл, Бишкек, «Бийиктик» басмасы, 17 басма табак.
2. «Эл адамы», даректщщ баян, 2005-жыл, Ош, 5 басма табак.
3. "Кут конгон жергем – Баткеним" (Кадыров А. жана Калилов П. Менен авторлош) 2014-жыл, Ош, 17,25 басма табак.

**Түзгөн адабий альманахтары**

1. «Жаңы дүбүрт» (Баткен облусунун жазуучуларынын чыгармаларынын жыйнагы) – 2002-жыл, Бишкек, «Сабыр» басмасы, 9 басма табак.
2. «Алтын-Бешик авазы» (Баткен облусунун жазуучуларынын чыгармаларынын жыйнагы) – 2009-жыл, Ош, 9 басма табак.

## III. Сыйлыктары

**Билим берүү тармагында**

1. КР Билим берүү министрлигинин Ардак Грамотасы -1982-жыл.
2. КР «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси – 1984-жыл.
3. ”Баткен районунун ардактуу атуулу” Ардак наамы - 2012-жыл.
4. Баткен раймамадминистрациясынын Ардак Грамматасы -2013-жыл.

**Кесиптик бирлик тармагында**

1. Билим, илим кызмакерлеринин кесиптик бирлигинин Баткен обл. комитетинин Ардак Грамотасы – 2001-жыл
2. КР «Билим, илим кызматкерлерининкесиптик бирлик кыймылынын мыктысы» тңш белгиси – 2004-жыл.
3. КР Билим, илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин «2005-жылдын мырзасы» Ардак наамы – 2005-жыл.
4. Баткен облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы –2009-жыл
5. Кыргызстан кесиптик бирликтер Федерациясынын Ардак Грамотасы – 2010-жыл.

**Көркөм чыгармачылык тармагында**

1. Курбаналы Сабыров атындагы адабий сыйлык – 2002-жыл.
2. КР Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак Грамотасы – 2009-ж.

# МАЗМУНУ


**Эрназарова А.** • Аруу махабат сырлары катылган арзуу ырлары ____ 3

**Ражабалиев А.** • Тургунбайдын махабаты ____ 8

**Даабеков А.** • Ырдалып бүтпөйт махабат ____ 11

**Балтабаев З.** • Досумдун көкүрөктөгү дарты ____ 16

**М.Үсөн** • Музасы анын махабат ____ 20

**Ражабалиев А.** • Кош канатың көкөлөтүп учурсун! ____ 22

**Муратов А.** • Сүйүүнүн баткенчи султаны ____ 24

**Холматова Г.** • Окурмандарга ____ 25

**Н.Саади** • Ширин шиңгилдериң мөлтүрөй берсин! ____ 27


**Балтабаев З.** • Жакшылыктын сапар жолу түгөнбөйт ____ 29

**Ааматов М.** • Өрүкзардын акыны ____ 33

**Жакыпов А.** • Ырдалып бүтпөгөн махабат ____ 36

**Ражабалиев А.** • Махабат –ышкы жарчысы ____ 39

**Кадыров А.** • Мен билген Жумаев ____ 45

# ӨЗГӨЧӨ БЕЛГИЛЕР ҮЧҮН

**Адабий-көркөм чыгарма**

# БЕЛЕСКЕ ЖЕТКИРЕН СӨЗ

***Адабий-сын макалалар***


| | |
|---|---|
| Редактор: | **Мурзапар Үсөн** |
| Техникалык редактор: | **Мухтар Маматалиев** |
| Топтогон: | **Жаннати Жумаева** |
| Корректор: | **Жаннати Жумаева** |
| Текстти терген: | **Бермет Абдыразакова** |
| Иреттеп, жасалгалаган: | **Өктөм Жакыпов** |

Басууга 28.10.2014-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1\16.
Көлөмү 3,75 басма табак.
Нускасы 500. Буюртма № 617

«Ошбасмакана» АК
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209



Ыр дүйнөсү чексиз мухиттей,
Тамчысымын мен бир булактын.
Элден алып күүсүн канаттын,
Окурманым, сага сыр ачтым.

Ыр дүйнөсү түпсүз ааламдай,
Күүсүн угуп тунук баштаттын,
Ырга айлантып аппак сүйүүнү,
Мен силерди келет жаштарткым

